Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын
Кеңешинин
2022-жылдын __________
№_____ токтому менен
бекитилген

**2021-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө**

# ОТЧЕТ

**Мазмуну:**

1. Киришүү.
2. Мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун жана сунуштарынын аткарылышы……………………...................................................6-7- бет
3. Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө ………………………..........7-9- бет
4. 2021-жылга Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы. 1-бөлүм. Бюджеттин киреше бөлүгү..............................................................9-11-бет
5. Фонддор боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү ……………......................................................................................11-12-бет
6. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары ……………..................................................................... 12-16-бет
7. Жана башка кирешелердин келип түшүүсү……….................16-бет
8. Бюджеттин чыгымдар бөлүгү. 2-бөлүм.. ………………………..18-19 бет
9. Пенсиялык камсыздандыруу боюнча чыгымдар ......................................................................................... 19-20 бет
10. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоо ……………………………………………………...................... 20-21-бет
11. Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо……….…..... 21- бет
12. ММКФ жана ЭДЧФны каржылоо...................................................21-23-бет
13. Социалдык фонддун өнүктүрүү фонду……………………….......23-25-бет
14. Социалдык фонддун резервдик фонду …………………………..........25-бет
15. 3-бөлүм. 2020-2021-жылдарга пенсиялык камсыздоонун негизги көрсөткүчтөрү ……………………………………………………........ 25-28-бет
16. 4-бөлүм. Социалдык фонддун маалымат тутуму ........................28-29-бет
17. 5-бөлүм. Социалдык фонддун административдик-башкаруу чыгымдары боюнча сметанын аткарылышы ……………………………….............30-бет
18. 6-бөлүм. Социалдык фонддун Өнүктүрүү фонду боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы……………………………………….. 30-32-бет
19. 7-бөлүм. Өнүктүрүү фонду боюнча административдик-башкаруу чыгымдары (беренелер боюнча), эмгек акы, штаттык сан, дебитордук жана кредиттик карыз, ижара мамилелери, негизги каражаттар, мамлекеттик сатып алуулар, байланыш кызматы.......... …............................... 32-42-бет
20. 8-бөлүм. мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд (МТПФ)…………………………………………………….......42-45-бет
21. 9-бөлүм. Социалдык фонддун райондук жана регионалдык башкармалыктары…………………………………………….....45-48-бет
22. 10-Бөлүм. Корутунду........... ……………………………........49-58-бет
23. 11-Бөлүм. Сунуштар ………………………………………........58-63-бет

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 72-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары – Социалдык фонд) бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүлдү.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Социалдык фонддун жетекчилиги мамлекеттик каражаттардын, Пенсиялык фонддун жана башка каражаттардын тескелишине жана мыйзамдуу орган тарабынан өкүлдөлгөн ыйгарым укуктарды жүргүзүүгө жоопкерчилик тартышат.

**Аудиттин милдети**

Аудиттин милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) туура келерине карата өз алдынча корутундуга келүүдө турат.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын (мындан ары – ЧУА) талаптарына туура келишин изилдөө болуп эсептелет.

Иш ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган) шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого (29.03.2021-жылдагы №01-26/56 киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен) ылайык жүргүзүлдү. Аудитордук тандоо жол-жоболор ыкмасын жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 15.03.2018-жылдагы №01-26/44 токтому менен бекитилген, Аудитордук тандоо жол-жоболорун колдонуу боюнча методикалык сунуш колдонулду.

Олуттуулук бюджеттин аткарылышы (РБ, Пенсиялык фонд, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду (МТПФ), административдик-башкаруу чыгымдары, Резервдик фонд жана Өнүктүрүү фонду) боюнча берилген отчеттук маалыматтарга ылайык аныкталды.

Тандоо ыкмасы статистикалык эмес тандоо катары аныкталды, изилдөө жана баалоо көлөмдөрү тандалды: минималдуу, ал эми изилдөө жана баалоо көлөмдөрүнүн элементи болуп: түздөн түз тандоо (көлөмү боюнча тандоо) жана тутумдуу тандоо тандалды.

Олуттуулук боюнча кирешелердин жана чыгымдардын төмөндөгүдөй беренелери тандалды: Пенсиялык фондго, Мамлекеттик топтомо фондго, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүлдөрүнүн келип түшүшү, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары жана башка дивиденддер (дивиденддер, пайыздар, туумдар ж.б.). Мында, аудит тарабынан 2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы боюнча отчеттук маалыматтар, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин ченемдерине

ылайык (76 жана 118-беренелер) олуттуулук боюнча каралды.

Олуттуулук боюнча административдик чыгымдардын төмөндөгүдөй беренелери тандалды: эмгек акы, камсыздандыруу төгүмдөрү, байланыш кызматы, товарларды жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, күндөлүк чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу, машиналар жана жабдуулар.

Ошондой эле, отчеттук маалыматтарды изилдөөдө, контекст боюнча бул маселелерди кароого байланыштуу, дебитордук жана кредиттик карыз, отчет берүүчү суммалар, мамлекеттик сатып алуулар, ижара акысы маселелери каралды.

**Аудит суроолору:**

- бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы: кирешелер, чыгымдар, дефицит/профицит жана башкалар;
- Резервдик фонддун аткарылышы;
- Өнүгүү фондунун түзүлүшү жана пайдаланылышы;
- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун түзүлүшү жана пайдаланылышы;
- пландалган максаттар боюнча жыйынтык көрсөткүчтөрүнө жетүү;
- Пенсиялык фонддун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун чыгымдарын каржылоонун камсыздалышы;
- Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарындагы кыска мөөнөттүү депозиттерге убактылуу эркин каражаттардын жайгаштырылышы, мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздар менен операциялардын жүргүзүлүшү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен уруксат берилген активдерге пенсиялык топтомо каражаттардын жайгаштырылышы;
- бюджет аралык трансферттердин пайдаланылышы боюнча отчеттун берилиши;
- бөлүнгөн акча каражаттарынын пайдаланылышынын максаттуу мүнөзү жана башкалар.

**Аудит критерийлери**

Бюджеттин аткарылышын мыйзамга ылайык баалоо критерийлери:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджетинин аткарылышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;

- “Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 648 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу функцияларын өткөрүп берүү чаралары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.08.2011-жылдагы №473 “Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясы жана Эсептердин бирдиктүү планы;

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын 2022-жылдын 30-мартындагы №23 токтому менен бекитилген, “2021-жылга Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчету”;

- МТПФ жана Социалдык фонддун бюджеттеринин аткарылышы боюнча топтолгон баланс, 2021-жылга Өнүгүү фондунун жана административдик-башкаруу чыгымдарынын сметаларынын аткарылышы боюнча отчеттор;

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасы бекиткен, “Эмгек акы, кошуп төлөөлөр жана сый акылар боюнча” Жобо (№9 формада көрсөтүлгөн тизме боюнча);

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын 01.07.2016-жылдагы №4 токтому менен бекитилген, “Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу жөнүндө” Жобо;

- Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондусун пайдалануу тартиби ж.б.у.с.

**Этикалык талаптарга туура келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле аудит предмети бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудит тарабынан Социалдык фонддун финансылык отчету, ченемдик-укуктук актылар, ченемдик документтер изилденди.

Аудитте, Социалдык фонддун бюджетин аткаруу ченемдик-укуктук актыларга ылайык жүргүзүлө тургандыгы корутундуларын тастыктаган жетиштүү жана ишенимдүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткаруу камтылат. Аудит, чогултулган аудит далилдери ушул отчетто жана Шайкештик аудити жөнүндө колдонмонун №9 жана 10 формаларында жазылган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыздоо үчүн жетиштүү жана ишенимдүү деп эсептейт.

**Мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун жана сунуштарынын аткарылышы**

2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунан жана сунуштарынан:

- *жазма буйруктун 1-пункту жарым-жартылай аткарылган:*

2-пункт. "Эсептөө палатасынын мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйругунун 3 жана 5-пункттарын аткаруу камсыздалсын" (2019-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча 3 жана 5-пункт).

*Жазма буйруктун 1 пункту аткарылган эмес:*

**5-пункт.** 2020-жылы негизсиз кармалган камсыздандыруу төгүмдөр: Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 36,3 млн.сом суммасында, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 4,5 млн.сом суммасында чегерилген. *Социалдык фонддун маалыматы боюнча, "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2022-жылга бюджети жана 2023-2024 -жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Эсептөө палатасынын корутундусуна жана 2020-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктун аткарылышы тууралуу Социалдык фонддун иш-чаралар планына ылайык, кармалган каражаттарды кайтаруу, Социалдык фонддун бюджети жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда каралат, ал жерде иш-чараларды аткаруу мөөнөтү 31.12.2022-жылга чейин көрсөтүлгөн.*

*Сунуштун 1 пункту жарым-жартылай аткарылган:*

5-пункт. "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Борбордук казыналык менен биргеликте Социалдык фонддун бюджетинин киреше бөлүгүндө казына эсебине чегерилген түшүүлөрдү

көрсөтүү тартиби аныкталсын". Социалдык фонддун маалыматына ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштар жөнөтүлгөн, учурда бул тартип боюнча Социалдык фонддун сунуштарын эске алуу менен, министрлик тарабынан иштелип чыккан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартиби жөнүндө" токтомунун долбоору тиешелүү органдарда кароо баскычында турат.

*Сунуштун 1 пункту аткарылган эмес:*

7-пункт. Сот жана укук коргоо органдары менен күнөөлүү адамдардан сунушталган жана өткөрүлгөн буудай данынын наркын өндүрүү жана калыбына келтирүү боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн, ал жерде 01.01.2021-жылга карата Социалдык фонду буудайды өткөрүп берүүдө жана сатып өткөрүүдө жол берген жоготуулардын болжолдуу суммасы **55,1 млн.сомду** түзгөн, алардын ичинен буудайды жана буудайды сатуудан түшкөн пайданы өз убагында кайтарбагандыгы үчүн туум 3,7 млн.сомду түзгөн.

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

"Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо системасынын аткаруу органы болуп саналат.

Социалдык фонддун милдеттери болуп төмөндөгүлөр саналат:

- мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсия менен камсыз кылуу жаатындагы макулдашылган саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык камсыздандырылган адамдардын мамлекеттик социалдык камсыздандырууга болгон укугун камсыз кылуу;
- Социалдык фонддун компетенциясынын чегинде мамлекеттик социалдык камсыздандыруу тутумунун финансылык туруктуулугун камсыз кылуу.

Социалдык фонд төмөндөгү иш-милдеттерди аткарат:

- Кыргыз Республикасынын аймагында өзүнүн ишин жүзөгө ашырган юридикалык жана жеке жактарды эсепке алууну, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн бардык категориялары боюнча маалыматтар банкын жүргүзүүнү;
- камсыздандыруу төгүмдөрүн топтоону жана өз учурунда Пенсиялык фондго, Мамлекеттик топтоочу пенсиялык фондго, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна өткөрүп берүүгө;
- пенсияларды, жөлөк пулдарды дайындоону, компенсацияларды кошуп эсептөөнү жана аларды төлөөнү уюштурууну;
- камсыздандырылган адамдардын жекече (индивидуалдык) эсебин жүргүзүүнү;

- Мамлекеттик топтоочу пенсиялык фондду түзүү жана башкаруу жана башкалар.

2004-жылдын 2-августундагы № 103 “Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Социалдык фонддун ишине жетекчиликти Социалдык фонддун Башкармалыгы жүргүзөт.

Социалдык фонддун ишин мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун өзалдынча башкаруу тутумунун органы болуп саналган жана тутумдун бардык катышуучуларынын (мамлекет, иш берүүчүлөр, кесиптик бирликтер, пенсия жана саламаттык сактоо жагынан жарандардын таламдарын билдирүүчү коомдук бирикмелер жана уюмдар) бирдей өкүлчүлүгүнүн принциби боюнча түзүлүүчү Мамлекеттик Социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча Байкоо жүргүзүү кеңеши координациялайт.

Социалдык фонддун бюджеттик тутумун Пенсиялык фонддун, Мамлекеттик топтоочу пенсиялык фонддун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун бюджеттери түзөт.

Социалдык фонддун бюджетинин долбоору жыл сайын Социалдык фонд тарабынан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана Кыргыз Республикасы тарабынан аныкталуучу Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укуктуу органдын катышуусу менен иштелип чыгат жана Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча башка жүргүзүү кеңеши менен макулдашылат жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна жиберилет.

Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндөгү отчет Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоо жүргүзүү кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан каралат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 12-февралындагы №38 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмү бекитилгендигине жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүгүү министрлигинин карамагына берилген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-ноябрындагы №520 “Мамлекеттик органдардын ишинин айрым маселелери жөнүндө” Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин карамагындагы Социалдык фонддун базасында Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу болуп түзүлгөн.

Мында, Социалдык фонд менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүгүү министрлигинин өз ара аракеттенишчүүсү боюнча ченемдик-укуктук база жок.

Социалдык фонд өзүнүн ишин, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык өз алдынча жүргүзөт.

**Аудит корутунду:**

2021-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары бардык олуттуу аспекттер, төмөндө жазылган жагдайлардан сырткары, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келет.

## 2021-жылга Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы

### 1-бөлүм. Бюджеттин киреше бөлүгү

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2021-жылга Социалдык фонддун бюджети, 0,5 млн. сом суммасындагы Социалдык фонддун бюджетинин профицити менен, кирешелер боюнча - 62 496,4 млн. сом жана чыгымдар боюнча - 62 495,9 млн. сом суммасында бекитилген.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, 444,5 млн. сом профицит менен, Социалдык фонддун бюджетинин жалпы кирешелери - 62 284,8 млн. сомго чейин, чыгымдары - 61 840,3 млн. сомго чейин такталган.

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджетинин жалпы кирешелери 62 554,2 млн. сомду түзгөн. 2020-жылга салыштырмалуу бюджеттин кирешеси 6 498,1 млн. сомго же 111,6%га көбөйгөн. ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин кирешелери 8,7%ды түзгөн.

2021-жылы Социалдык фонддун жалпы чыгымдары 60 758,6 млн. сомду түзгөн. Социалдык фонддун бюджетинин профицити 1 795,6 млн. сомду түзгөн. 1-таблица.

| Аталышы | 2020-жылга бюджет-тин | 2021-жылга бюджет | 2021-жылга тактал- | 2021-жылга бюджет | 2021-жылга такталган бюджетке карата | 2020-жылга бюджеттин аткарылы-шына карата |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | аткар-ылышы | | ган бюджет | -тин аткар- | (+,-) | % | (+,-) | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардык кирешелер** | **56 056,1** | **62 496,4** | **62 284,8** | **62 554,2** | ***269,4*** | ***100,4*** | ***6 498,1*** | ***111,6*** |
| ИДПга карата %да | *9,4* | *9,8* | *9,7* | *8,7* | | | | |
| *Анын ичинен:* | | | | | | | | |
| Пенсиялык фонд | 51 561,7 | 57 331,2 | 57 119,5 | 57 285,8 | *166,3* | *100,3* | *5 724,1* | *111,1* |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд | 1 814,2 | 2 078,0 | 2 078,0 | 2 181,1 | *103,1* | *105,0* | *366,9* | *120,2* |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 2 381,9 | 2 742,1 | 2 742,1 | 2 742,1 | *0,014* | *100,0* | *360,2* | *115,1* |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 298,3 | 345,2 | 345,2 | 345,2 | *0,010* | *100,0* | *46,9* | *115,7* |
| **1. Камсыздандыруу төгүмдөрү, бардыгы** | **33 177,4** | **38 181,6** | **38 181,6** | **38 356,6** | ***175,0*** | ***100,5*** | ***5 179,2*** | ***115,6*** |
| ИДПга карата %да | *5,5* | *6,0* | *5,9* | *5,3* | | | | |
| *Анын ичинен:* | | | | | | | | |
| Пенсиялык фонд | 28 642,2 | 32 969,3 | 32 969,3 | 33 041,2 | *71,9* | *100,2* | *4 399,0* | *115,4* |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд | 1 814,2 | 2 078,0 | 2 078,0 | 2 181,1 | *103,1* | *105,0* | *366,9* | *120,2* |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 2 418,2 | 2 783,8 | 2 783,8 | 2 783,8 | *0,015* | *100,0* | *365,6* | *115,1* |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 302,8 | 350,4 | 350,4 | 350,4 | *0,011* | *100,0* | *47,6* | *115,7* |
| **2. Республикалык бюджеттен келип түшкөндөр** | **22 536,7** | **24 094,2** | **23 827,3** | **23 827,3** | ***0,0*** | ***100,0*** | ***1290,6*** | ***105,7*** |
| *Анын ичинен:* | | | | | | | | |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 13520,6 | 14235,4 | 14255,8 | 14255,8 | *0,0* | *100,0* | *735,2* | *105,4* |
| Электр энергиясын компенсациялоо | 1911,0 | 1954,3 | 1938,7 | 1938,7 | *0,0* | *100,0* | *27,7* | *101,5* |
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 3309,7 | 3844,3 | 3601,5 | 3601,5 | *0,0* | *100,0* | *291,8* | *108,8* |
| Аскер кызматчыларын камсыздандыруу учуру боюнча бир жолку жөлөк пул | 37,5 | 37,0 | 128,8 | 128,8 | *0,0* | *100,0* | *91,3* | *343,4* |
| Пенсиялар жана пенсияларга карата кошуп төлөөлөр | 3757,9 | 4023,3 | 3727,6 | 3727,6 | *0,0* | *100,0* | *-30,3* | *99,2* |
| СФ алдында ФМнын карызын төлөө | | | *174,9* | *174,9* | *0,0* | *100,0* | *174,9* | |
| **3. Жана башка кирешелер (дивиденддер, пайыздар, туумдар ж.б.)** | **342,0** | **220,7** | **275,8** | **370,2** | ***94,4*** | ***134,2*** | ***28,2*** | ***108,3*** |
| | | | | | | | | |
| **Бардык чыгымдар** | **56 635,9** | **62 495,9** | **61 840,3** | **60 758,6** | ***-1081,7*** | ***98,3*** | ***4122,7*** | ***107,3*** |
| ИДПга карата %да | *9,5* | *9,8* | *9,6* | *8,4* | | | | |
| **Дефицит/профицит** | **-579,9** | **554,7** | **444,5** | **1 795,6** | | | | |

1-таблицага ылайык, 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун кирешелери - 269,5 млн. сомго көбөйгөн, ал эми чыгымдары - 1081,7 млн. сомго азайган. Бюджеттин профицити 1351,2 миң сомго көбөйгөн жана 1 795,6 млн. сомду түзгөн.

Мында, талдоого ылайык, бюджеттин профицити республикалык бюджет алдында түзүлгөн карыздын эсебинен 380,8 млн. сом суммасында

түзүлгөн, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду тарабынан - 133,1 млн. сом, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан - 14,9 миң сом (бардыгы – 513,9 млн. сом).

Буга байланыштуу, карызды алып салуу менен бюджеттин профицити **1281,7** млн. сомду түзгөн.

2021-жылдын башында Социалдык фонддун алыш-бериш эсебиндеги (топтоо эсебиндеги) каражаттардын калдыгы - 1 771,3 млн. сомду, 2022-жылдын башында - 3420,7 млн. сомду түзгөн.

2021-жылдын башында алыш-бериш эсебиндеги (Өнүктүрүү фонду) каражаттардын калдыгы 43,9 млн. сомду түзгөн. 2022-жылдын башындагы калдык 78,9 млн. сомду түзгөн.

01.01.2021-жылга карата Резервдик эсептин каражаттарынын калдыгы 883,4 млн. сомду түзгөн. 01.01.2022-жылга карата калдык 1 229,1 млн. сомду түзгөн.

2021-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү 38 181,6 млн. сом суммасында пландалган. 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмү 38 181,6 млн. сом суммасында пландалган. 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмү 38 356,6 млн. сомду же пландан 100,5 %ды түзгөн. 2020-жылга салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрү 115,6 %га же 5 179,2 млн. сомго өскөн.

Чарба жүргүзүүчү субъекттерден келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн өсүүсү, эмгек акыны көбөйтүү эсебинен, ошондой эле, маданият, искусство жана маалымат жана саламаттык сактоо тутумундагы мекемелердин кызматкерлеринин эмгек акыларын көбөйтүү эсебинен камсыздалган.

2-таблица. (млн. сом)

| Аталышы | 2020-жылдагы факт | 2021-жылдагы бюджет | 2021-жылдагы факт | Үлүш(%) | 2021-жылдагы бюджетке карата өсүү | | 2020-жылдагы бюджетке карата өсүү | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | +/- | в % | +/- | в % |
| Өнөр жай ишканалары жана уюмдары | 17902,2 | 20551,0 | 21680,5 | 56,5 | *1129,5* | *105,5* | *3778,3* | *121,1* |
| Бюджеттик уюмдар | 14083,7 | 16269,9 | 15101,6 | 39,4 | *1168,3* | *92,8* | *1017,9* | *107,2* |
| Айыл чарба кооперативдери | 17,4 | 18,4 | 19,5 | 0,05 | *1,1* | *106,0* | *2,1* | *112,1* |
| Дыйкан-фермердик чарбалар | 218,1 | 285,1 | 245,1 | 0,6 | *40,0* | *86,0* | *27,0* | *112,4* |
| Жеке ишканалар | 940,0 | 1039,8 | 1294,9 | 3,4 | *255,1* | *124,5* | *354,9* | *137,8* |
| Жеңилдетилген уюмдар | 16,1 | 17,4 | 15,1 | 0,04 | *2,3* | *86,5* | *1,0* | *93,8* |
| **Бардыгы** | **33177,4** | **38181,6** | **38356,6** | **100** | **175,0** | **100,5** | **5179,2** | **115,6** |

## 1.1. Фонддор боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү

3-таблица

(млн. сом)

| Фонддор | 2020-жылдагы факт | 2021-жылдагы бюджет | 2021-жылдагы факт | 2021-жылдагы бюджетке карата өсүү | | 2020-жылдагы бюджетке карата өсүү | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | в % | +/- | в % |
| 1. Пенсиялык фонд | 28642,2 | 32969,3 | 33041,2 | *71,8* | *100,2* | *4399,0* | *115,4* |
| 2. Милдеттүү | 2418,2 | 2783,8 | 2783,9 | *0,01* | *100,0* | *365,7* | *115,1* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| медициналык камсыздандыруу фонду | | | | | | | |
| 3. Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 302,8 | 350,4 | 350,4 | *0,01* | *100,0* | *47,6* | *115,7* |
| 3. Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд | 1814,2 | 2078,0 | 2181,1 | *103,2* | *105,0* | *366,9* | *120,2* |
| **Бардыгы** | **33177,4** | **38181,6** | **38356,6** | ***175,0*** | ***100,5*** | ***5179,2*** | ***115,6*** |

Камсыздандыруу фонддор бөлүгүндө камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү төмөндөгүлөрдү түзгөн: Пенсиялык фонд боюнча - 33 041,2 млн. сом, Милдеттүү камсыздандыруу фонду боюнча - 2 783,9 млн. сом, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча - 350,4 млн. сом, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду боюнча - 2 181,1 млн. сом.

Пенсиялык фонддон пенсияларды жана башка төлөмдөрдү факты жүзүндө төлөө 30 879,1 млн. сомду түзгөн.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун факты жүзүндө каржылоо - 2 742,1 млн. сомду, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду - - 212,1 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын 01.07.2016 -жылдагы №4 токтому менен бекитилген, "Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу жөнүндө" Жобого ылайык, Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет дебитордук жана кредиттик карыздын абалы жөнүндө отчетту камтыйт.

Бирок, 2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет, Социалдык фонддун административдик чыгымдарынын дебитордук жана кредиттик карыздары жөнүндө маалыматтан сырткары, дебитордук жана кредиттик карыздын абалы жөнүндө отчетту камтыбайт.

## 1.2. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен төмөндөгүдөй төлөмдөр каржыланат: пенсиянын базалык бөлүгү, аскер кызматчыларына пенсиялар, аскер кызматчыларына бир жолку жөлөк пул, көп балалуу энерлерге жана бала кезинен майып энелерге пенсиялар, бийик тоолуу шарттарда жашаган жана иштегендерге, алыскы жана кыйынчылык менен жетүүчү аймактарда иштегендерге, пенсияга карата кошуп төлөөлөр (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жана майыптарына, 80 жашка чыккан пенсионерлерге, ардактуу донорлорго, саясий мотивдер менен репрессияланган концлагердин туткундарына, Ленинград шаарын блокадасы мезгилинде иштеген адамдарга, баатыр энелерге, Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесепетин жоюуга катышкандарга, Кыргыз Республикасына өзгөчө эмгек сиңиргендерге). 4-таблица.

(млн. сом)

| Аталышы | 2020-жылга бюджет- | 2021-жылга бюджет | 2021-жылга | 2021-жылга бюджет | 2021-жылга такталган | 2020-жылга аткарылган |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | тин аткары-лышы | | тактал-ган бюджет | -тин аткары-лышы | бюджетке карата | | бюджетке карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | (+,-) | % | (+,-) | % |
| **Республикалык бюджеттен келип түшүүлөр** | **22 536,7** | **24 094,2** | **23 827,3** | **23 827,3** | ***0,0*** | ***100,0*** | ***1 290,6*** | ***105,7*** |
| Анын ичинен: | | | | | | | | |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 13 520,6 | 14 235,4 | 14 255,8 | 14 255,8 | *0,0* | *100,0* | *735,2* | *105,4* |
| Электр энергиясы үчүн компенсация | 1 911,0 | 1 954,2 | 1 938,7 | 1 938,7 | *0,0* | *100,0* | *27,7* | *101,5* |
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 3 309,7 | 3 844,2 | 3 601,5 | 3 601,5 | *0,0* | *100,0* | *291,8* | *108,8* |
| Аскер кызматчыларын камсыздандыруу учуру боюнча бир жолку жөлөк пул | 37,5 | 37,0 | 128,8 | 128,8 | *0,0* | *100,0* | *91,3* | *343,4* |
| Пенсиялар жана пенсияларга кошуп төлөөлөр | 3 757,9 | 4 023,3 | 3 727,6 | 3 727,6 | *0,0* | *100,0* | *-30,3* | *99,2* |
| СФ алдында ФМ карызын төлөө | | | *174,9* | *174,9* | *0,0* | *100,0* | *174,9* | |

**1.** “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Социалдык фондго 24 094,2 млн. сом суммасында трансферттер каралган, бул болсо, 2020-жылга (22 536,7 млн. сом) каралгандан 1 557,5 млн. сомго көп.

Социалдык фонддо трансферттер боюнча мамлекеттин бекитилген милдеттенмелери 266,9 млн. сомго азаюу менен такталган жана 23 827,3 млн. сомду түзгөн.

Республикалык бюджеттен трансферттердин позициясы боюнча бюджеттин аткарылышы 23 827,3 млн. сомду түзгөн. Аларды факты жүзүндө төлөө 23 501,9 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, которуу жана жеткирүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдар 161,7 млн. сом суммасында.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №359 токтомуна ылайык, 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Ош жана Жалал-Абад областтарында болуп өткөн башаламандыкта жабыр тарткандарга жеке жана юридикалык жактардан 2010-жылдын 1-июнунан 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында чегерилген камсыздандыруу төгүмдөрүн кайтаруу үчүн, Социалдык фондго 174,9 млн. сом акча каражаттарын которгон.

**2.** 2021-жылга бюджеттик каражаттар боюнча (республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары) чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет жана республикалык бюджет жөнүндө ченемдик актылар боюнча **161,7** млн. сом суммасындагы пенсиялык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын тиешелүү чыгымдар беренелери боюнча өзүнчө көрсөтүлгөн эмес, алар базалык бөлүк, женилдетилген пенсиялар, аскер

кызматчыларына пенсиялар, пенсияга кошуп төлөөлөр жана компенсациялык төлөмдөр элементтери менен, 26313 “Социалдык фондго трансферттер” беренесине киргизилген.

Б.а. республикалык бюджеттин эсебинен пенсиялык жана компенсациялык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына туура келбестен, ачык берилген эмес.

Ошондой эле, 2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчеттун тиркемесинде республикалык бюджеттин эсебинен пенсиялык жана компенсациялык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча чыгымдар катары бул чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын тиешелүү беренеси менен көрсөтүлгөн эмес, алар республикалык бюджеттин эсебинен пенсиялык жана компенсациялык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча чыгымдар же келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен Пенсиялык фонд боюнча жеткирүү кызматтарына чыгымдардын жалпы суммасына киргизилген, ачык берилген эмес, анткени, колдонуудагы Бюджеттик классификацияда чыгымдардын бул түрүнө элемент каралган эмес.

**3.** “Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары 23 215,7 млн. сом суммасында каралган. Бирок, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары **878,5** млн. сом суммасында көбөйүү менен, 24 094,2 млн. сом суммасында бекитилген, же республикалык бюджеттен Социалдык фондго бөлүнгөн акча каражаттары бөлүгүндө “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен “Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ортосунда айырма бар.

Кийинчерээк, Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдары менен (“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана “Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы), Ош жана Жалал-Абад областтарында болуп өткөн башаламандыкта жабыр тарткандарга жеке жана юридикалык жактардан 2010-жылдын 1-июнунан 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында чегерилген 174,9 млн. сом суммасындагы камсыздандыруу төгүмдөрүн Социалдык фондго кайтарууну эске алуу менен, 23 827,3 млн. сомго такталган.

Мында, Финансы министрлигинин көрсөтүлгөн карызын эске алуу менен, бюджеттин факты жүзүндө аткарылышы 23 501,9 млн. сомду түзгөн.

Ошондой эле,  пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыгы 380,8 млн. сомду түзүп, ал бюджетке кайтарылган.

Мындан улам, республикалык  бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары, “Кыргыз Республикасынын  2021-жылга республикалык  бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилген баштапкы бюджеттин чегинде 23 215,7 млн. сомду түзгөн.

Республикалык  бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарынын бекитилген суммасындагы аныктаган суммалардын айырмасы, Финансы министрлиги менен Социалдык фонддун иштеринин макулдашылбагандыгын көрсөтөт.

**4.** Бюджеттик кодекстин 53-беренесине ылайык, бюджет аралык трансферттер тутумуна ошондой эле  республикалык  бюджеттен Социалдык фонддун бюджетине бөлүнгөн акча каражаттары кирет.

Бюджеттик кодекстин 56-беренесине ылайык, республикалык бюджеттен акча каражаттары максаттуу багыты боюнча гана пайдаланылат.

Ошондой эле, Бюджеттик кодекстин 106-беренесине ылайык, тиешелүү бюджеттин кирешесине которулбаган бюджеттер аралык трансферттердин каражаттарынын пайдаланылбаган калдыктары Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте жана жалпы талаптарды сактоо менен алар берилген бюджеттин кирешесине өндүрүп алынууга жатат.

Бирок, республикалык  бюджеттин каражаттарынын пайдаланылышын жана калдыктарын салыштыруу, 2022-жылдын биринчи кварталы аяктаганда жүргүзүлгөн. Ал жерде, салыштыруу актысына ылайык, пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы  **380,8** млн. сом суммасын түзгөн. Пайдаланылбаган каражаттардын калдыктары коммерциялык банктын (“Айыл Банк”) алыш-бериш эсебинде 3 айдан ашык турган, бул болсо, Бюджеттик кодекстин жогоруда көрсөтүлгөн беренелерине (56 жана 106-берене) ылайык, республикалык  бюджеттин рационалдуу  эмес пайдаланылышына алып келет.

Республикалык  бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарынын пайдаланылбаган 380,8 млн. сом  суммасындагы калдыктары, 2022-жылдын 6-апрелинде  Социалдык фонд тарабынан  Финансы министрлигине чегерилген.

Пайдаланылбаган каражаттардын калдыктары төмөндөгүлөр боюнча түзүлгөн: пенсиянын базалык бөлүгү - 25,7 млн. сом; аскер кызматчыларынын пенсиялары - 184,5 млн. сом;  көп балалуу энерлерге жана бала кезинен майып энелерге жеңилдетилген пенсиялар - 134,3 млн. сом;  бийик тоолуу шарттарда иштелгендиги үчүн пенсиялар - 86,5 млн. сом; пенсияга карата кошуп төлөөлөр - 51,8 млн. сом, аскер кызматчылары каза болгон, майыптык алган учурларда аларды камсыздандыруу - 11,9 млн. сом ж.б.

Ошол эле учурда, электр энергиясы жана бийик  алыскы жана кыйынчылык менен жетүүчү аймактарда иштегендиги үчүн компенсация  50,3 млн. сомго төлөнгөн жана такталган суммадан 68,2 млн. сомго көп.

Социалдык фонддун ченемдик актыларына ылайык, Социалдык фонд банктын алыш-бериш эсептериндеги акча каражаттарынын күн сайынкы калдыктарына эсептелген пайыз түрүндө киреше алат.

Буга байланыштуу, республикалык  бюджеттин каражаттарынын бул кадыктарына 2775,3  миң сом пайыздар эсептелиши керек *(2022-жылдын 1-*

*январынан 5-апрелине чейин же 95 күн, 380,8 млн.сом*2,8%/365*95=2,8 млн.сом*).

Жогоруда белгиленгендердин натыйжасында, **2775,3** миң сом суммасындагы бул каражаттарды, Пенсиялык фонддун милдеттенмелери боюнча төлөм жүргүзүү үчүн Пенсиялык фондго багыттоо керек.

**5.** Республикалык бюджеттен Социалдык фонддун трансферттерине каралган чыгымдарды көбөйтүү боюнча 2. Бюджеттин чыгымдар бөлүгүндө көрсөтүлгөн.

### 1.3. Жана башка кирешелердин келип түшүүсү

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча жана башка кирешелердин келип түшүүсү 370,2 млн. сомду түзгөн, же пландан 94,4 млн. сомго (134,2%) көп.

5-таблица.

(млн. сом)

| **Жана башка кирешелер** | **2020-жыл, факт** | **2021-жылга тактал-ган бюджет** | **2021-жыл, факт** | **2021-жылдагы такталган бюджетке карата факт** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **+/-** | **%да** |
| **Бардыгы, анын ичинен:** | **342,0** | **275,8** | **370,2** | ***94,4*** | ***134,2*** |
| 1. Ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер | 127,8 | 51,3 | 58,4 | *7,1* | *113,8* |
| 2. МБКга убактылуу эркин акча каражаттарын жайгаштыруудан түшкөн кирешелер | 103,2 | 96,5 | 96,5 | *0,0* | *100,0* |
| 3. Өз убагында эмес жана толук эмес чегерилген камсыздандыруу төгүмдөрү үчүн туумдар жана айып пулдар | 43,2 | 48,0 | 81,6 | *33,6* | *170,1* |
| 4. Эсептеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар | 59,0 | 66,0 | 82,5 | *16,5* | *125,0* |
| 5. Пенсияларды төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар | 1,2 | 10,1 | 42,6 | *32,5* | *421,4* |
| 6. Регрессивдүү талаптарды көрсөтүүнүн натыйжасында, жумуш берүүчүлөрдөн жана жарандардан өндүрүлгөн каражаттар | 5,7 | 3,0 | 5,4 | *2,4* | *181,0* |
| 7. Социалдык фонддун жана башка кирешелери | 1,9 | 1,0 | 3,3 | *2,3* | *329,0* |

Жана башка кирешелердин келип түшүүсү, төмөндөгүлөр боюнча көбөйгөн:

- камсыздандыруу төгүмдөрүн убагында эмес жана толук эмес чегергендиги үчүн туумдар жана айып пулдар - 33,6 млн. сом же пландан 170,1%;

- Социалдык фонддун эсептериндеги акча каражаттарына эсептелген пайыздар - 16,5 млн. сом же пландан 125,0%;

- пенсияларды төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар - 42,6 млн. сом же пландан 421,4% (анын ичинен, Майлуу-Суу РСФБ боюнча 10 жыл үчүн уюмдун 19,1 млн. сом карызы чегерилген).

### 1.3.1. Социалдык фондго тиешелүү ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер

2020-жылга акционердик коомдордун иштеринин жыйынтыктары боюнча бардыгы болуп 58 552,7 миң сом келип түшкөн, анын ичинен: «Ош электр» - 465,5 миң сом, «Жалал-Абат электр» - 3378,8 миң сом (өткөн жылдагы карыздарды эске алуу менен), «Чыгыш электр» - 4783,7 миң сом, « «Манас» Эл аралык аэропорту” - 39796,3 миң сом, «Учкун» - 287,8 миң сом, «Кыргызнефтегаз» - 9840,6 миң сом.

31.12.2022-жылга карата карыздын калдыгы 27,8 миң сомду түзгөн («Жалал-Абат электр» ААКсы боюнча).

“Электр станциялары” ААКсы, “КУЭС” ААКсы, “Бишкекжылуулуктармагы” ААКсы, “Түндүк электр” ААКсы, “Кыргызтелеком” ААКсы”, “Антибиотики” ААКсы боюнча акционерлердин жылдык жалпы чогулушунун чечими менен, акционердик коомдордун чыгымдуулугуна байланыштуу дивиденддер эсептелген эмес.

### 1.3.2. Социалдык фонд тарабынан мамлекеттик баалуу кагаздар (МБК) операциялардын жүргүзүлүшү

143100 “Мамлекеттик баалуу кагаздар” эсеби боюнча, Пенсиялык фонд менен Капиталдаштыруу фондунун эркин акча каражаттарынын эсебинен сатылып алынган МКБ боюнча суммалардын калдыгы 01.01.2021-жылдагы абал боюнча 643,5 млн. сомду түзгөн.

Социалдык фонддун маалыматына ылайык, пенсияларды өз учурунда каржылоо үчүн акча каражаттарынын резервин камсыздоо максатында, 2021-жылдын 1-кварталында 211,8 млн. сом суммасында МКБ түрүндө жана ар бир эмиссия боюнча баштапкы кирешелүүлүктү сактоо менен, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондго МКБ сатылган.

Пенсиялык фонд менен Капиталдаштыруу фондунун эркин акча каражаттарынын эсебинен сатылып алынган МАК суммасынын калдыгы 01.01.2022-жылдын башында 431,6 млн. сомду түзгөн.

2021-жылы МКБдан жалпы 96,4 млн. сом суммасында киреше алынган, анын ичинен жайгаштыруудан - 79,6 млн. сом жана МКБнын сатуудан – 16,8 млн. сом.

### 1.3.3. Банктарга кыска мөөнөттүү эркин акча каражаттарын жайгаштыруу

2021-жылы Социалдык фонд тарабынан Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарындагы кыска мөөнөттүү депозиттерге убактылуу эркин каражаттар жайгаштырылган эмес.

Банктык эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген (күн сайын) пайыздар түрүндөгү кирешелер 87,4 млн. сомду түзгөн, 01.01.2022-жылдагы абал боюнча факты жүзүндө 82,5 млн. сом келип түшкөн.

## 2-бөлүм.
## Бюджеттин киреше бөлүгү

6-таблица

(млн. сом)

| Аталышы | 2020-жылга бюджет-тин аткары-лышы | Бюджет 2021-жылга бюджет | 2021-жылга тактал-ган бюджет | 2021-жылга бюджет тин аткары лышы | 2021-жылга такталган бюджетке карата | | 2020-жылга бюджеттин аткарылышына карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | (+,-) | % | (+,-) | % |
| **Бардык чыгымдар** | **56 635,9** | **62 495,9** | **61 840,3** | **60 758,6** | ***-1081,7*** | ***98,3*** | ***4122,7*** | ***107,3*** |
| ИДПга карата %да | *9,5* | *9,8* | *9,6* | *8,4* | | | | |
| **I. Пенсиялык каражаттар боюнча** | **52 261,9** | **57 330,7** | **56 675,1** | **55 623,3** | ***-1051,8*** | ***98,1*** | ***3361,4*** | ***106,4*** |
| ИДПга карата %да | *8,7* | *9,0* | *8,8* | *7,7* | | | | |
| 1. э/энергиясы үчүн компенсацияларды эске алуу менен пенсиялар . | 47 323,1 | 51 715,1 | 51 123,6 | 50 315,5 | *-808,0* | *98,4* | *2992,4* | *106,3* |
| 2. Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 3 222,7 | 3 844,3 | 3 601,5 | 3 498,5 | *-103,0* | *97,1* | *275,8* | *108,6* |
| 3. Аскер кызматчыларын камсыздандыруу учуру боюнча бир жолку жөлөк пул | 37,5 | 37,0 | 128,8 | 122,3 | *-6,4* | *95,0* | *84,8* | *326,2* |
| 4. Сөөк коюуга жөлөк пул | 456,6 | 373,8 | 456,6 | 444,7 | *-11,9* | *97,4* | *-11,9* | *97,4* |
| 5. Пенсияларды дайындоо жана жеткирүү боюнча чыгымдар | 339,0 | 364,6 | 379,4 | 355,0 | *-24,4* | *93,6* | *16,0* | *104,7* |
| 6. Соц.фонддун эсептерин тейлөө боюнча чыгымдар | 11,0 | 16,0 | 11,3 | 9,4 | *-1,7* | *84,4* | *-1,6* | *86,2* |
| 7.Административдик-башкаруу чыгымдары | 811,5 | 920,8 | 920,8 | 827,9 | *-93,0* | *89,9* | *16,4* | *102,0* |
| 8. Резервдик фонд | 1,4 | 6,0 | 2,0 | 0,060 | *-1,9* | *3,0* | *-1,4* | *4,2* |
| 9.Өнүктүрүү фонду | 54,5 | 48,0 | 48,0 | 46,7 | *-1,3* | *97,3* | *-7,8* | *85,7* |
| 10.Мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө | 4,6 | 5,1 | 3,2 | 3,2 | *0,0* | *100,0* | *-1,4* | *70,5* |
| **II.Мам топтомо пенсиялык фонд** | **1 814,2** | **2 078,0** | **2 078,0** | **2 181,1** | ***103,1*** | ***105,0*** | ***366,9*** | ***120,2*** |
| **III. ММКФ** | **2 361,5** | **2 742,1** | **2 742,1** | **2 742,1** | ***0,0*** | ***100,0*** | ***380,6*** | ***116,1*** |
| **IV. ЭДЧФ** | **198,3** | **345,2** | **345,2** | **212,1** | ***-133,1*** | ***61,4*** | ***13,8*** | ***106,9*** |

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары 60 758,6 млн сомду түзгөн, 2020-жылга салыштырмалуу бюджеттин чыгымдары 4 122,7 млн. сомго же 107,3%га көбөйгөн.

Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары ИДПнын көлөмүнө карата 8,4 %ды түзгөн.

Камсыздандыруу фонддорунун чыгымдары бөлүгү боюнча төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- Пенсиялык фонд - 55 623,3 млн. сом;
- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду – 2 742,1 млн. сом;
- Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду - 212,1 млн. сом;
-Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду - 2181,1 млн. сом.

## 2.1. Пенсиялык каражаттар боюнча чыгымдар

Чыгымдар 55 623,3 млн. сом суммасында аткарылган, 2020-жылга карата өсүү 3 361,4 млн. сомду (2020-жылы – 52261,9) түзгөн, бул болсо, Социалдык

фонддун маалыматына ылайык, пенсияларды жыл сайын жогорулатуу, ошондой эле пенсионерлерди санынын өсүшү менен шартталган.

Пенсиялык фонддун чыгымдарынын өсүшү 2020-жылга салыштырмалуу бир кыйла болуп, 3361,4 млн. сомду түзгөн.

Такталган бюджетке салыштырмалуу, Пенсиялык фонддун чыгымдары 1051,8 млн. сомго аз, анын ичинен:

- электр энергиясы үчүн компенсацияларды эске алуу менен пенсиялар - 808,1 млн. сом;

- аскер кызматчыларынын пенсиялары жана камсыздандыруулары – 103,0 млн. сом;

- административдик-башкаруу чыгымдары – 93,0 млн. сом ж.б.

Бекитилген бюджетке салыштырмалуу (бекитилген бюджет – 57 330,7) такталган бюджет 655,6 млн. сомго азайтылган жана 56 675,1 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 22-сентябрындагы № 177 жана № 178 токтомдоруна ылайык, 2021-жылдын 1-октябрынан тартып жалпы өлчөмү өткөн жылда түзүлгөн пенсионердин жашоо минимумунун чоңдугунан төмөн болгон пенсиянын базалык бөлүгүн 2020-жылдагы орточо эмгек акынын өсүшүнө индексацияланган, же 110%га, же пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрү 1,08 индексациялоо коэффициентине индексацияланган, бирок, жалпы өлчөмү 4785,4 сомдон (төрт миң жети жүз сексен беш сом жана кырк тыйын) ашпаган пенсиялар үчүн 200 (эки жүз) сомдон жана жалпы өлчөмү 4785,4 сомду (төрт миң жети жүз сексен беш сом жана кырк тыйын) түзгөн же андан ашкан пенсиялар үчүн 500 (беш жүз) сомдон кем эмес.

Социалдык фонддун маалыматтарына ылайык, кайрадан эсептөө жыйынтыгы боюнча пенсияларды жогорулатуу орточо 455 сомду түзгөн.

Пенсияларды инденсакциялоо боюнча кошумча керектөө 990,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен - 132,8 млн. сом, Пенсиялык фонддон – 857,2 млн. сом.

Багуучусу каза болгон учурда базалык бөлүктү жогорулатууга, 2021-жылы республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен Социалдык фонддун бюджетинде 138,0 млн. сом каралган.

Багуучусунан айрылган балдарды пенсиялык камсыздоо деңгээлин жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 265 токтомуна ылайык, Багуучусунан айрылгандыгы боюнча пенсия алуучу ар бир баланын пенсиясынын базалык бөлүгүнүн өлчөмү атасынан же энесинен айрылган учурда 2021-жылдын 1-октябрынан тартып 1500 сомго чейин, ал эми 2022-жылдын 1-январына тартып – 2000 сомго чейин жеткирилген. Ата-энесинен айырлган учурда пенсия алган ар бир баланын пенсиясынын базалык бөлүгү 2021-жылдын 1-октябрынан тартып 3000 сомго чейин, ал эми 2022-жылдын 1-январына тартып – 6000 сомго чейин жеткирилген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 25-мартындагы № 115 токтомуна ылайык, мөөнөттүү кызматтагы солдаттардын

жана матростордун ичинен аскер кызматчыларына майыптыгы боюнча пенсиянын минималдуу өлчөмү 2021-жылдын 1-январынан тартып 4800 сом өлчөмүндө белгиленген, ал эми Чернобыль АЭСиндеги жана жарандык же аскердик маанидеги башка атомдук объекттердеги авариянын кесепеттерин жоюуга катышуучулардын ар сайынкы компенсациялык төлөмдөрү 400 сомго көбөйгөн. Кошумча керектөө 1315 адамга 10,5 млн. сомду түзгөн.

Пенсионерди коюуга жөлөк пулдун өлчөмү, пенсиянын базалык бөлүгүнөн он эселенген өлчөмдө белгиленген. 2021-жылы сөөк коюуга жөлөк пулдарды төлөөгө, 456,6 млн. сом суммасындагы каражаттар каралган. Жылдын жыйынтыгы боюнча факты жүзүндө төлөм 444,7 млн. сомду түзгөн.

2021-жылдын 1-январындагы абал боюнча пенсионерлердин саны 713,0 миң адамды түзгөн, республика боюнча пенсиянын орточо өлчөмү 6186 сомду түзгөн.

Социалдык фонддун маалыматына ылайык, 2022-жылдын январындагы абал боюнча пенсияларга, аскер кызматчыларынын пенсияларына жана жөлөк пулдарына, ошондой эле сөөк коюу боюнча жөлөк пулдарга 2021-жылы 54 381,0 млн. сом төлөнгөн, пенсияларды жана башка социладык төлөмдөрдү төлөө боюнча карыз жок.

### 2.1.1. Пенсияларды жана социалдык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча чыгымдар жана Социалдык фонддун эсептерин тейлөө боюнча чыгымдар

Социалдык фонддун эсептерин тейлөө боюнча чыгымдар 9,4 млн. сомду түзгөн.

Пенсияларды жана социалдык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча чыгымдар 355,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, “Кыргызпочтасы” Мамлекеттик ишканасы тарабынан пенсияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү жеткирүү боюнча чыгымдар – 258,6 млн. сом.

2021-жылы “Кыргызпочтасы” Мамлекеттик ишканасы тарабынан 17 999,6 млн. сом суммасында пенсиялар жана башка социалдык төлөмдөр факты жүзүндө төлөнгөн, жеткирүү кызматы үчүн 234,0 млн. сом эсептелген, карызды эске алуу менен 258,6 млн. сом төлөнгөн.

### 2.2. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (ММКФ) боюнча пландуу Параметрлер такталган бекитилген, кирешелер боюнча - 2742,1 млн. сом жана чыгымдар боюнча – 2742,1 млн. сом.

ММКФны 2021-жылы каржылоо 2742,1 млн. сомду түзгөн.

01.01.2021-жылдагы абал боюнча Социалдык фонддун карыздарынын калдыгы - 20,5 млн. сомду жана 01.01.2022-жылга ММКФ алдындагы карызы - 20,5 млн. сомду түзгөн.

### 2.3. Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо

01.01.2022-жылга карата Социалдык фонддун Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун (ЭДЧФ) алдындагы карызы 100,3 млн. сомду түзгөн.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча пландуу параметрлер кирешелер жана чыгымдар боюнча 345,1 млн. сомго бекитилген жана кирешелер жана чыгымдар боюнча 345,1 млн. сомго такталган.

2021-жылы Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо факты жүзүндө 212,1 млн. сомду түзгөн.

01.01.2022-жылга карата Социалдык фонддун Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна карызы 233,3 млн. сомду түзгөн.

## 2.4. ММКФны жана ЭДЧФны каржылоо маселеси

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы өз убагында кабыл алынбагандыгына байланыштуу, 01.01.2022-жылдагы абал боюнча Социалдык фонддун ММКФ менен ЭДЧФнын алдындагы 20,5 млн. сом жана 100,3 млн. сом суммасындагы карызы, 2022-жылдын 9-мартында кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, Социалдык фонддун такталган бюджетине киргизилген эмес.

Ошону менен бирге, 2022-жылдын 9-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган жогоруда көрсөтүлгөн карыздар, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун бекитүүдө Социалдык фонд тарабынан эске алынган.

**2.** Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргызстан Профсоюздар федерациясы менен Социалдык фонддун кат алышууларына берилген маалыматтарга ылайык, Кыргызстан Профсоюздар федерациясынын жетекчисинин легитимдүүлүгүн аныктоо боюнча соттук териштирүүлөргө, ЭДЧФнын каражаттарын тескөө боюнча финансылык документтерге кол коюу укугундагы ыйгарым укуктуу адамдын жоктугуна байланыштуу 2021-жыл ичинде Социалдык фонд тарабынан ЭДЧФны каржылоо толугу менен жүргүзүлгөн эмес.

Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарга жана кат алышууларга ылайык, Кыргызстан Профсоюздар федерациясынын алыш-бериш эсептери тосмолонгон, ошондой эле Федерацияга аны тейлөө үчүн жаңы банктык

эсептер ачылган, алар Федерациянын каражаттарын максатсыз пайдалануу тобокелдиги маселесин жаратkан.

2021-жылдын июнь-июль айларында Кыргызстан Профсоюздар федерациясы Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун Социалдык фонд тарабынан каржылоо маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо маселелери боюнча комитетке кат менен кайрылышкан.

Өз кезегинде, аталган комитет Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо жөнүндө кат менен Социалдык фондго кайрылган.

Кыргызстан Профсоюздар федерациясынын "Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан каржыланган профсоюздардын санаторияларында, санторий-профилакторияларында жана балдардын ден соолугун чыңдоо борборлорунда санаториялык-курорттук дарылануугa жана эс алууга жолдомолорду пландоо, бөлүштүрүү жана берүү тартиби жөнүндө" ички Жобосуна ылайык, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан бөлүнгөн каражаттар Кыргызстан Профсоюздар федерациясынын Кеңеши тарабынан бекитилет.

2021-жылы Кыргызстан Профсоюздар федерациясынын Кеңеши тарабынан Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун каражаттарын бөлүштүрүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Мында, аталган чечимде профсоюз уюмдарынын жана санаторияларынын алыш-бериш эсептерине Социалдык фонд камсыздандыруу төгүмдөрүн түздөн түз чегерүү үчүн негизге ээ эмес.

Социалдык фонд тарабынан Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун акча каражаттары Кыргызстан Профсоюздар федерациясы берген, Федерациянын бөлүм башчылары гана кол койгон профсоюз уюмдарынын жана санаторияларынын тизмеси жана бөлүштүрүү планы боюнча профсоюз уюмдарынын жана санаторияларынын банктык алыш-бериш эсептерине чегерилген.

Камсыздандыруу төгүмдөрүн профсоюз уюмдарынын жана санаторияларынын банктык алыш-бериш эсептерине түздөн түз чегерүү маселесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети), Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча Байкоочу Кеңеш карашы керек эле.

Ошону менен бирге, Федерациядагы жагдай, каржылоо абалы жана жөнүндө Социалдык фонд тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине билдирилген.

Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы, тиешелүү органдар тарабынан жарандардын укуктарын коргоо, ошондой эле социалдык жактан камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ЭДЧФ маселеси боюнча тиешелүү чараларды көрүшү жана контролдоону камсыздашы керек эле.

Алсак, эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо үчүн Профсоюздар федерациясына келип түшкөн жана бөлүштүрүлгөн каражаттар – бул, камсыздандыруу төгүмдөрү, Бюджеттик кодекстин 18-беренесине ылайык,

Кыргыз Республикасынын тиешелүү бюджеттерден келип түшкөн республикалык бюджеттин кирешелери болуп эсептелет жана Бюджеттик кодекстин 11-беренесине ылайык, Социалдык фонддун бюджети – бул, мамлекеттик социалдык жана пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана милдеттерди финансылык камсыздоо үчүн багытталган акча каражаттары.

Ошондой эле, бул маселе Социалдык фонддун башкармалыгында каралышы керек, анткени, Социалдык фонд Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышына, ошондой эле, ММКФ жана ЭДЧФ бюдежттин каржылоонун белгиленген тартибинин сакталышына жооп берет.

Мындан сырткары, Социалдык фонд акча каражаттарын туура чегерилиши жана келип түшүшү максатында, профсоюз уюмдарынын жана ден соолукту чыңдоо жайларынын алыш-бериш эсептерине ЭДЧФ каражаттарын чегерүү боюнча КПФ жана профсоюз уюмдары, ден соолукту чыңдоо жайлары менен үч тараптуу келишим түзүшү керек эле.

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду 2021-жылдын июлунан тартып октябрына чейин гана 212,1 млн. сом суммасында каржыланган, 133,1 млн. сом суммасындагы калдык Социалдык фонддун банктык эсебинде (топтоо) калган.

Натыйжада, 2021-жылдын январынан июнуна чейин, ноябрь жана декабрь айларында ЭДЧФ Социалдык фонд тарабынан каржыланган эмес, анын натыйжасында, ЭДЧФнын милдеттери жана милдеттенмелери талаптагыдай аткарылган эмес.

### 2.5. Социалдык фонддун Өнүктүрүү фонду

Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондун түзүү жана пайдалануу тартибине ылайык, фондго камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында эмес жана толук эмес чегергендиги үчүн айып пулдар жана туумдардын суммалары келип түшөт.

Социалдык фондго келип түшкөн бул каражаттар, Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары менен каралган.

Өнүгүү фондунун алыш-бериш эсебиндеги 2021-жылдын башында каражаттардын калдыгы 43,9 млн. сомду түзгөн. 2021-жылдын аягында калдык 78,9 млн. сомду түзгөн.

Камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында эмес жана толук эмес чегергендиги үчүн айып пулдар жана туумдар түрүндө келип түшкөн кирешелер 81,6 млн. сомду түзгөн.

Бюджеттик кодекстин 47-беренесине жана Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” кодексинин 153-беренесине ылайык, мамлекеттик соицалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыз кылуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы үчүн айыптарды, санкцияларды, компенсацияларды, зыяндын ордун толтуруунун суммалар республикалык бюджеттин кирешесине келип түшпөйт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы №

648 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу функцияларын өткөрүп берүү чаралары жөнүндө” токтомуна ылайык, камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу боюнча функцияларды жана ыйгарым укуктарды ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп 2019-жылдын 1-январынан тартып отчеттук мезгилдер үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы аныкталган.

2021-жылы Өнүктүрүү фондуна келип түшкөн каражаттар негизинен, ар кандай сый акыларды, кошуп төлөөлөрдү, жол кире жана тамак-аш үчүн компенсацияларды, материалдык жардамдарды төлөөгө жана Социалдык фонддун кызматкерлерине зайымдарды берүүгө багытталган, бардыгы болуп 30,4 млн. сом.

Социалдык фонддун балансы боюнча 01.01.2022-жылга карата кызматкерлерге берилген зайым түрүндө 34,0 млн. сом суммасындагы активдер бар, ошондой эле Фонддун алыш-бериш эсебинде 5,0 млн. сом акча каражаты бар.

«Айыл Банк» коммерциялык банкында Социалдык фонд тарабынан зайым фонду үчүн банктык эсеп ачылган, ал жыл сайын төлөнөт да, Социалдык фонддун кызматкерлерине кайрадан зайым берилет. Зайым фонду Өнүктүрүү фондунун каражаттары үчүн түзүлгөн.

Социалдык фонддун буйругуна ылайык. 2021-жылы зайым фондунан турак жай сатып алуу, турак жай шарттарын жакшыртуу үчүн, жалпы 6,0 млн. сом суммасында каражат берилген.

Мында, зайым алуучу боюнда болгондугу жана төрөлгөндүгү, ошондой эле бала багуу боюнча өргүүдө болсо, көрсөтүлгөн өргүүгө чыгуу учурунан тартып, эки жылдан ашырылбаган мөөнөттө ушундай өргүү учурундагы мезгилге карата зайымды төлөө мөөнөтү жылдырылат.

Буга байланыштуу, 2,0 млн. сом суммасында карыз бар.

Ошондой эле, иштен бошогон кызматкерлер боюнча 182,0 миң сом суммасындагы төлөнбөгөн карыз бар.

Социалдык фонддун Башкармалыгынын токтому менен бекитилген, Социалдык фонддун кызматкерлерине зайым берүү тартиби жөнүндө жобону изилдөөдө, бул Жобо менен балдарынын билимине төлөө үчүн акча каражаттарына муктаж болгондорго зайымдарк аралгандыгын белгилейбиз, бирок, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык билим берүү акысыз жүргүзүлөт, ал эми акы төлөнүүчү болсо анда менчик мектептер, албетте, төлөм жөндөмү бар ата-энелер үчүн.

Буга байланыштуу, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн администрлөө боюнча функцияны Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинине караштуу Мамлекеттик салык кызматына берүүгө байланыштуу, Социалдык фонд камсыздандыруу

төгүмдөрүн өз убагында эмес жана толук эмес чегергендиги үчүн, туумдарды жана айып пулдарды эсептөө жана жыйноо боюнча чыгымдарды тартпайт.

2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы боюнча отчетко ылайык, бул каражаттардын келип түшүүсү план менен 48,0 млн. сом суммасында бекитилген, факты жүзүндө 81,6 млн. сом келип түшкөн, же 33,6 млн. сомго көп.

Киреше бөлүккө жогорудагыдай талдоо жүргүзүлгөндөй, эмгек акыны көбөйтү эсебинен камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү өсүүдө. Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жыл сайын көбөйүүсү, камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында эмес жана толук эмес чегергендиги үчүн, туумдарды жана айып пулдардын өсүүсүнө алып келет.

Жогоруда жазылгандардан улам, салыктык эмес кирешелердин (камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында эмес жана толук эмес чегергендиги үчүн, туумдар жана айып пулдар) пенсиялык төлөмдөр үчүн Пенсиялык фондго толук келип түшүү маселесин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети карашы керек.

## 2.6. Социалдык фонддун Резервдик фонду

01.01.2021-жылга карата Резарвдик эсептеги каражаттардын калдыгы 883,4 млн. сомду түзгөн. 2021-жылга Резервдик эсепке түшкөн каражаттар 345,9 млн. сомду түзгөн, анын ичинен: коммерциялык банктардагы акча каражаттарынын күндөлүк калдыктарына эсептелген пайыздар - 82,5 млн.сом; МБКдан кирешелер - 88,9 млн. сом; жайлардын ижарасынан - 0,2 млн. сом; пайдаланылбаган сумманы кайтаруу - 0,1 млн. сом; Финансы министрлигинен акча каражаттарын кайтаруу (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругу боюнча) -174,9 млн. сом; НК жана МБПны сатуудан – 0,1 млн. сом.

Резервдик фонддон чыгымдар 60,0 миң сомду түзгөн, алар Резервдик фонд жөнүндө жобого ылайык, кайрымдуулук жардамын көрсөтүүгө багытталган *(Беловодск атайын мектеп интернаты, Кыргыз сокурлар жана дүлөйлөр коому).*

01.01.2022-жылдын башына карата калдык 1 229,2 млн. сомду түзгөн.

# 3-бөлүм.

## 2020-2021-жылдарга пенсиялык камсыздоонун негизги көрсөткүчтөрү

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча пенсиялык камсыздоонун төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрү түзүлгөн. 2020-жылга салыштырмалуу, пенсиянын орточо өсүүсү 292 сомду түзгөн, ал эми пенсиянын өсүү темпи 4,1%га көбөйгөн. Ошондой эле, пенсионердин жашоо үчүн зарыл болгон каражат минимуму 2020-жылга салыштырмалуу 794,9 сомго көбөйгөн. Эмгек акыга карата орточо пенсиянын катышы 0,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн. пенсионердин жашоо үчүн зарыл болгон каражат минимумуна карата орточо пенсиянын катышы 11,2 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

7-таблица.

| Көрсөткүчтөр | 2020-жыл | 2021-жыл | Четтөө +/- |
|---|---|---|---|
| Компенсациялык төлөмдөрдү эске алуу менен орточо пенсия (сом) | 5894,0 | 6186 | + 292 |
| Орточо пенсиянын өсүү темпи (%) | 101,9 | 106,0 | + 4,1 |
| Орточо эмгек акы (сом) | 18490 | 19662 | + 1172 |
| Орточо эмгек акынын өсүү темпи (%) | 107,3 | 106,3 | - 1,0 |
| Эмгек акыга карата орточо пенсиянын катышы (%) | 31,9 | 31,8 | - 0,1 |
| Пенсионердин жашоо үчүн зарыл болгон каражат минимуму (ПЖЗКМ) (сом) | 4785,4 | 5580,3 | + 794,9 |
| ПЖЗКМдин өсүү темпи (%) | 111,6 | 116,6 | + 5,0 |
| ПЖЗКМге карата орточо пенсиянын катышы (%) | 123,2 | 112,0 | - 11,2 |
| Мурдагы жылга карата керектөө бааларынын индекси (в %) | 106,3 | 111,9 | - 5,6 |

Категориялар жана дайындалган пенсиялардын орточо өлчөмү боюнча пенсионерлердин саны төмөндөгүдөй маалыматтар менен мүнөздөлөт:

8-таблица.

| **Пенсионерлердин категориясы** | **Саны (адам)** | | **Пенсиянын орточо өлчөмү (сом)** | |
|---|---|---|---|---|
| | **01.01.2021-ж.** | **01.01.2022-ж.** | **01.01.2021-ж.** | **01.01.2022-ж.** |
| **1. Жашы боюнча** | 532039 | 552965 | 6251 | 6473 |
| 1.1.жеңилдетилген шарттарда | 63061 | 62023 | 5094 | 4395 |
| 1.2. өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн | 1759 | 1636 | 23309 | 24160 |
| **2. Майыптыгы боюнча** | 121281 | 122735 | 4948 | 5253 |
| **3. Багуучусун жоготкон учурда** | 36966 | 35996 | 3805 | 4881 |
| **4. Аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлөсү** | 1293 | 1313 | 6842 | 7745 |
| **Бардыгы:** | **691579** | **713009** | **5894** | **6186** |

Бул таблицага ылайык, пенсионерлердин жыл сайын өсүүсү байкалууда, 2020-жылга салыштырмалуу, пенсионерлердин саны 21430 адамга көбөйгөн. Анын ичинен, жашы боюнча пенсионерлердин абдан олуттуу өсүүсү - 20926 адам, майыптыгы боюнча - 1454 адам, багуучусун жоготкон учур боюнча 970 адамга азайган, аскер кызматчылары боюнча алуучулар 20 адамга көбөйгөн.

2021-жылы пенсиялык төлөмдөр орточо 292 сомго көбөйгөн жана жашы боюнча орточо - 6473 сомду, өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн – 24160 сомду, аскер кызматчыларына - 7745 сомду түзгөн. Берилген маалыматка ылайык, персоналдык пенсионерлер көп пенсия алышат.

94-СОЦ формасындагы мамлекеттик статистикалык отчетко ылайык, көп өлчөмдөгү пенсияларды алуучулар арасында (20 000 сомдон жогору) көп өлчөмдөгү пенсиялар эсептелген пенсионерлер бар. Ошондой эле, алардын арасында персоналдык пенсионерлер дагы бар.

Отчетко ылайык, 2021-жылы 54381,0 млн. сом төлөнгөн, 2020-жылы пенсияларды төлөө 51008,6 млн. сомду түзгөн, б.а. пенсияларга чыгымдардын

көбөйүшү 3337,1 млн. сомду түзгөн.

Пенсиялык түзүмдөрдүн түзүмү төмөндөгүдөй берилген:

- жашы боюнча пенсия – 35801,8 млн. сом,
- майыптыгы боюнча пенсия – 7005,6 млн. сом,
- багуучусу жоготкон учур боюнча пенсия – 1697,9 млн. сом,
- жеңилдетилген пенсиялар (бийик тоолуу, алыскы жана кыйынчылык менен жетүүчү шарттарда иштелгендиги үчүн, көп балалуу аялдарге жана бала кезинен майып энелерге) – 2908,5 млн. сом,
- “Улуттук “Кыргызстан аба жолдору” ташуучу” ААКсынын кызматкерлерине пенсиялар - 8,8 млн. сом,
- №2 тизме боюнча пенсиянын экинчи камсыздандыруу бөлүгү - 83,5 млн. сом,
- пенсияларга кошуп төлөөлөр – (80 жашка чыккан, согуштун майыптарына жана катышуучуларына, майып адамдарга теңелгендерге, ардактуу донорлорго, ЧАЭСке кошуп төлөөлөр, репрессирленгендерге, көрүүсү жана жалпы оорусу боюнча 1-топтогу майыптарга, 2-топтогу майыптарга, туткундарга, блокадниктерге) - 85,8 млн. сом,
- соттордун пенсияларына карата кошуп төлөөлөр – 28,5 млн. сом,
- баатыр энелердин пенсияларына кошуп төлөөлөр – 445,2 млн. сом,
- өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн пенсияларга кошуп төлөөлөр - 126,2 млн. сом,
- “Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу”, “Кыргыз Республикасынын эл акыны” ардактуу наамга ээ, иштебеген пенсионерлер, 100% жогорулатылган пенсия алгандар - 6,8 млн. сом,
- персоналдуу пенсионерлерге бир жолку жөлөк пул – 42,0 млн. сом,
- аскер кызматчыларынын пенсиялары (Социалдык фонд, көч министрликтери жана ведомстволору аркылуу, ошондой эле аскер кызматчыларын жеке камсыздандыруу) – 3585,4 млн. сом,
- электр энергиясы үчүн компенсация – 1933,5 млн. сом,
- капиталдаштырылган каражаттар боюнча багуучусун жоготкон учур жана эмгек майыптыгы боюнча пенсиялар жана компенсациялар – 3,8 млн. сом,
- эмгек майыптыгы жана багуучусун жоготкон учур боюнча (укук мураскерисиз) – 9,7 млн. сом,
- «PESAC» программасы боюнча эмгек майыптыгы жана багуучусун жоготкон учур боюнча пенсиялар жана компенсациялар - 30,1 млн. сом,
- ЧАЭС компенсациялары – 4,7 млн. сом,
- пенсионерлердин сөөгүн коюуга – 444,7 млн. сом.

Мында белгилей кетүүчү нерсе, 01.01.2022-жылга карата эсептелген 713009 пенсионерлердин ичинен электр энергиясы үчүн компенсацияны 662719 пенсионер алат, же бардык пенсионерлерден 92,9 % (1933,5 млн. сом төлөнгөн), кийинки сандык курам боюнча майыптыгы боюнча пенсионерлер эсептелет - 122735 адам (17,2 %), жыл ичинде майыптардын санынын өсүшү 1454 адамды түзгөн, майыптыгы боюнча - 7005,6 млн. сом төлөнгөн, бул болсо, бардык төлөнгөн пенсиялардан жана компенсациялардан - 12,9 %ды түзгөн.

2021-жылы жаңы дайындалган пенсиялар – 55194 адам, анын ичинен, жашы боюнча - 42890 адам (бардык жаңы дайындалгандардан 77,7%), майыптыгы боюнча - 9035 адам (бардык жаңы дайындалгандардан 16,4%), багуучусун жоготкон учура боюнча -3268 адам (бардык жаңы дайындалгандардан 5,9%).

### 3.1. ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин эмгекчилерин пенсиялык камсыздоо

2021-жылдын 1-янврынан тартып, 2019-жылдын 20-декабрындагы "ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин эмгекчилерин пенсиялык камсыздоо жөнүндө" Макулдашуу күчүнө кирген. Анын негизги максаты болуп, мамлекеттин жарандарын ишке орноштуруу тартибинде жана шартында, ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин эмгекчилеринин пенсиялык укуктарын түзүү болуп эсептелет.

Ошондой эле, Евразиялык экономикалык комиссиянын Кеңешинин 2020-жылдын 23-декабрындагы № 122 чечими менен, 2019-жылдын 20-декабрындагы "ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин эмгекчилерин пенсиялык камсыздоо жөнүндө" Макулдашуу ченемдерин колдонуу боюнча комиссия жана Евразиялык экономикалык биримдиктин мамлекеттеринин компетенттүү органдарынын, ыйгарым укуктуу органдар ортосунда өз ара аракеттенишчү тартиби (мындан ары – Тартип) бекитилген.

2021-жыл ичинде ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин эмгекчилерин пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө жалпы процесстерди ишке ашыруу эрежелеринин долбоору боюнча Евразиялык экономикалык комиссия жана ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин компетенттүү органдарынын биргелешкен иштери жүргүзүлгөн.

## 4-бөлүм.

## Социалдык фонддун маалымат тутуму

**1.** Райондук башкармалыктарда 2021-жылга мамлекеттик социалдык камсыздоо каражаттары, камсыздандыруу полистери жана КФХ камсыздоо төгүмдөрүн төлөгөндүгү жөнүндө квитанциялар боюнча салыштыруу актылары айырмачылыктар менен түзүлгөн, анткени, азыркыга чейин өткөрүлбөгөн жана кабыл алынбаган эсептик ведомстволор бар.

Айырмачылык суммалары боюнча түшүндүрмөгө ылайык, МСК АИС жана СФ АИС автоматташтырылган маалыматтык тутумдардынын ишин интеграциялоодо кемчиликтер орун алган.

Ошондой эле, пенсияларды, жөлөк пулдарды жана башка төлөмдөрдү төлөө боюнча иштер, "eLeed" программасы боюнча жүргүзүлөт, б.а. айрым функционалдар кол менен иштетилет.

Синхронизация бүтүндөй маалымат тутумунун токтоп калуусунун негизги себеби болуп эсептелет. Буга байланыштуу, туура маалыматтар, эсептөөлөр, кайрадан эсептөөлөр жана функциялар кол менен киргизилет.

Колдонуудагы маалыматтык тутум, дайыма жеткире иштеп чыгууну жана көп каражатты талап кылат. Буга байланыштуу, программалык

камсыздоо Социалдык фонд үчүн башында натыйжасыз иштелип чыккан, деп эсептейбиз.

**2.** 01.01.2022-жылдагы абал боюнча, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун жайгаштырылган каражаттары боюнча калдык 29,1 млрд. сом суммасын түзгөн.

“Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен белгиленген мөөнөттө жана тартипте камсыздандырылган адамдардын жеке камсыздандыруу эсептеринин топтоо бөлүгүндө, “Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздоо боюнча пенсиянын топтомо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Социалдык фонд пенсиялык топтомо каражаттарды жана инвестициялоо жыйынтыгын көрсөтүүгө милдеттүү.

Жеке камсыздандыруу эсептери боюнча бөлүү жүргүзүлөт, бирок, Социалдык фонддо төмөндөгүлөр боюнча түзүлгөн жыйынтыкталган отчет жок: камсыздандырылган адамдардын инвестициялык кирешелеринен алынган жана пенсиянын топтомо бөлүгү, анткени, Социалдык фонддун маалыматтык программалык тутуму мындай жыйынтыкталган отчетту түзбөйт, ал жерде пенсиялык топтоолор жана пенсиялык топтомо фондунун жайгаштырылган 29,1 млрд. сом каражаттары боюнча калдыктарды бөлүү менен, бардык камсыздандырылган адамдар боюнча алынган инвестициялык кирешелер жана пенсиялык топтоолор боюнча жыйынтыкталган маалымат көрсөтүлүшү керек.

Б.а. Мамлекеттик пенсиялык топтомо фондду натыйжалуу ужа ачык башкаруу максатында, камсыздандырылган адамдардын жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүнө пенсиялык топтомо каражаттарды инвестициялоонун жыйынтыкталган суммасын көрсөтүү менен, отчеттуулуктун маалыматтык тутумун түзүү керек.

Бул отчеттуулук, пенсиялык топтомо каражаттардын эркин калдыктарынын болушунун же алардын терс көрсөткүчтөрүнүн айырмасынын пайда болушу жана алынган инвестициялык кирешелер менен пенсиялык топтомо каражаттардын абалы жөнүндө туура маалыматты бермек.

Социалдык фонддун ченемдик-укуктук актыларында, башкаруучу компаниялар менен инвестциялык кирешелер менен пенсиялык топтомо каражаттардын чегерилген суммалары боюнча салыштыруу каралган. Мында, МПТФ мекемеси менен Социалдык фонддун жекече эсепке алуу башкармалыгынын ортосунда маалыматтары салыштыруу каралган эмес, буга байланыштуу, мындай салыштыруу жүргүзүлбөйт. Мындан улам, бул маселе боюнча Социалдык фонддун ченемдик актыларына тиешелүү ченемдерди киргизүү сунушталат.

Аудит объектиси берген маалыматка ылайык, Социалдык фонддун маалыматтык тутумуна IT аудитин жүргүзүү пландалууда (Социалдык фонддун башкармасынын 2022-жылдын 17-майындагы чечими).

## 5-бөлүм.
## Социалдык фонддун административдик-башкаруу чыгымдары боюнча сметанын аткарылышы

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2021-жылга Социалдык фонддун административдик-башкаруу чыгымдары 920 841,8 миң сом суммасында бекитилген.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, Социалдык фонддун башкаруу чыгымдары өзгөрүүсүз калган.

2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, Социалдык фонддун административдик-башкаруу чыгымдары 827 861,9 миң сомду түзгөн.

Социалдык фонддун административдик-башкаруу чыгымдары, Социалдык фонддун Башкармасынын 2022-жылдын 30-мартындагы №23 токтому менен бекитилген, 2021-жылга Социалдык фонд бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет менен бекитилген.

Мында, административдик-башкаруу чыгымдарынын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет, Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан бекитилбейт.

2021-жылга Социалдык фонддун административдик-башкаруу чыгымдарынын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы 01.01.2021-жылга карата - 500,1 миң сомду, 01.01.2022-жылга карата - **267,2** миң сом суммасын түзгөн, алар күндөлүк алыш-бериш эсебинен (административдик чыгымдар) топтоо эсебине (пенсиялык каражаттар) чегерилген эмес, алар пенсиялык каражаттардын резервдери болуп эсептелет.

## 6-бөлүм.
## Социалдык фонддун Өнүктүрүү фонду боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2021-жылга Өнүктүрүү фонду боюнча чыгымдар 48000,0 миң сом суммасында бекитилген.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, Өнүктүрүү фондунун чыгымдары чыгымдары өзгөрүүсүз калган.

Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондунун чыгымдары, Социалдык фонддун Башкармасынын 2022-жылдын 30-мартындагы №23 токтому менен

бекитилген, 2021-жылга Социалдык фонд бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет менен бекитилген.

Мында, Өнүктүрүү фондунун чыгымдарынын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет, Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан бекитилбейт.

2021-жылдын жыйынтыгы боюнча, 2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет боюнча чыгымдар 46 689,4 миң сомду түзгөн.

Бирок, Өнүктүрүү фондунун чыгымдарынын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет боюнча кассалык чыгымдар **10 000,0** миң сом суммасындагы айырма менен 56 689,4 миң сомду түзгөн. Факты жүзүндө чыгымдар -47 909,3 миң сомду, 01.01.2022-жылдын башындагы калдык - 76 007,0 миң сомду түзгөн.

Берилген маалыматтарга жана тиешелүү бөлүмдөрдүн түшүндүрмөсүнө ылайык, 2021-жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет менен 2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчеттун ортосундагы 10 000,0 миң сом суммасындагы айырма, Борбордук аппараттын Өнүктүрүү фондунан 2222 "Күндөлүк чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренеси боюнча регионалдык башкармалыктарга каражаттарды кайтаруу катары, регионалдык башкармалыктардын Өнүктүрүү фондуна чегерүүгө байланыштуу пайда болгон.

Ошону менен бирге, бул чыгымдар Бюджеттик классификациялоонун 2222 "Күндөлүк чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренесине туура келбейт.

Смета боюнча "каржылоо" позициясы менен, Өнүктүрүү фондунун алыш-бериш эсебине келип түшүүлөр көрсөтүлөт.

2021-жылы келип түшүүлөр 90 857,6 миң сом суммасын түзгөн.

Ошону менен бирге, бекитилген жана такталган сметадан ашык жүргүзүлөт, айрым беренелер боюнча смета Бюджеттик классификацияга туура келбестен аткарылган, ошондой эле смета келип түшкөн каражаттар (киреше бөлүгү) көрсөтүлбөстөн түзүлөт.

Алсак, Социалдык фонддун ***Борбордук аппаратынын*** Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасы боюнча "Күндөлүк чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренеси менен 10 000,0 миң сом суммасында каражаттар, Өнүктүрүү фондунун каражаттарын кайтаруу катары регионалдык башкармалыктарга чегерилген.

Ошондой эле, бул берене боюнча 837,0 миң сом суммасындагы каражат кайрымдуулук жардамына багытталган жана 811,2 миң сом суммасындагы жаңылыш келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүн кайтаруу жүргүзүлгөн.

Натыйжада, **11 648,2** миң сом (10000,0+837,0+811,2) суммасындагы чыгымдар, бюджеттик классификациялоонун "Күндөлүк чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренесине туура келбейт.

2. ***Свердлов РСФБда*** 2215 "Жана башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу" беренеси менен чыгымдар сметасы боюнча, Социалдык фонддун 2021-жылдын 24-мартындагы №20 буйругу менен,

РСФБнын кызматкерлерине зайым берүү боюнча **500,0** миң сом чыгымдар жүргүзүлгөн, алар Бюджеттик классификациянын бул чыгымдар беренесине туура келбейт.

Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын негизги бөлүгү, 30 424,8 миң сом суммасындагы сый акыларды, кошуп төлөөлөрдү төлөөгө багытталган.

## 7-бөлүм.
## Өнүктүрүү фонду боюнча чыгымдар жана административдик-башкаруу чыгымдары. Эмгек акы жана башка төлөмдөрдү төлөө боюнча:

**1.** Социалдык фонддун башкармасынын 2018-жылдын 11-майындагы №40 токтому менен бекитилген, “Социалдык фонддун кызматкерлеринин эмгек акылары жөнүндө” Жобосу менен, он үчүнчү эмгек акы жана төрт жолку бир айлык эмгек акы фонду өлчөмүндө сый акы белгиленген. Бул Жобого ылайык сый акылар “Социалдык фонддун башкармасынын 2016-жылдын 8-апрелиндеги №42 токтому менен бекитилген, “Социалдык фонддун кызматкерлерин сыйлоо жөнүндө” Жобого ылайык төлөнөт, негизинен, камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча кварталдык жана жылдык көрсөткүчтөрдү аткарбагандыгы үчүн, кызматкерлердин жоопкерчилигин күчөтүү бөлүгүндө.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 648 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу функцияларын өткөрүп берүү чаралары жөнүндө” токтомуна ылайык, камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу боюнча функцияларды жана ыйгарым укуктарды ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп 2019-жылдын 1-январынан тартып отчеттук мезгилдер үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө (азыр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети) караштуу Мамлекеттик салык кызматы аныкталган.

Буга байланыштуу, Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча кварталдык жана жылдык көрсөткүчтөрдү аткарбагандыгы үчүн, кызматкерлердин жоопкерчилигин күчөтүү, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу үчүн, сый акыларды эсептөө бөлүгүндө сый акыларды жана кошуп төлөөлөрдү, эмгек акыларды төлөө боюнча ченемдик актыларга ылайык келтирүү чаралары көрүлгөн эмес.

Социалдык фонд он үчүнчү эмгек акынын жана сый акылардын эсептелишин кайрадан карап чыгышы керек, алар негизинен, камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча кварталдык жана жылдык көрсөткүчтөрдү

аткаруу, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу эсебинен, камсыздандыруу төлөмдөрүн администрлөө боюнча функцияларды жана ыйгарым укуктарды салык кызматына бергенге чейин (2019-жылдан тартып) жүргүзүлгөн.

2021-жыл үчүн бардыгы болуп, төрт жолку бир айлык эмгек акы фонду өлчөмүндө **18 317,8 миң сом** суммасында сый акыны жана **7 594,1 миң сом** суммасындагы эмгек акыны төлөө боюнча чыгымдар эсептелген.

**2.** “Социалдык фонддун кызматкерлеринин эмгегине төлөө жөнүндө” Жобо менен, квалификациясы үчүн 50% өлчөмүндөгү үстөк акыдан сырткары, жооптуу жумуштарды аткаргандыгы үчүн Социалдык фонддун Башкармасынын мүчөлөрүнө 50% өлчөмүндө үстөк акы белгиленген.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Социалдык фонд фонддун ишин жетектөөнү Социалдык фонддун Башкармасы жүргүзөт. Жетектөөнү жүргүзүү Башкарманын жана анын мүчөлөрүнүн компентенциясына кирет, б.а. ай сайынкы үстөк акыларды белгилөө үчүн кошумча жүк эмес, бул - Мыйзам менен белгиленген, Башкармалыктын мүчөлөрүнүн түздөн түз кызматтык милдеттери.

2021-жылдын 5 айы ичинде тиешелүү органдын (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети) уруксат берүүчү ченемдик документтерисиз, Социалдык фонддун Башкармасынын мүчөлөрү жооптуу иштерди аткаргандыгы үчүн, **309,4** миң сом суммасындагы 50% өлчөмүндө үстөк акыны төлөө боюнча чыгымдар эсептелген.

*Социалдык фонддун Башкармасынын 2021-жылдын 25-июнудагы “Социалдык фонддун кызматкерлеринин эмгегинен төлөө жөнүндө” жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому менен, “Социалдык фонддун Башкармасынын мүчөлөрү жооптуу иштерди аткаргандыгы үчүн кызматтык акысына карата үстөк акыны белгилөө жөнүндө” токтому 2021-жылдын 1-июлунан тартып күчүн жоготкон.*

**3.** “Социалдык фонддун кызматкерлеринин эмгегинен төлөө жөнүндө” Жобо менен, Өнүктүрүү фондунун эсебинен мамлекеттик тилди жогорку деңгээлде (С1 денгээли) билгендиги үчүн, мамлекеттик кызматчылар болуп эсептелбеген, Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын кызматкерлери үчүн 15% жана Социалдык фонддун мамлекеттик кызматчылары үчүн 25% өлчөмүндөгү каражаттар эмгек акыга карата үстөк акы белгиленген.

“Кыргыз Республикасынын мамелкеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн негизги уңгусунун бири катары мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин бардык чөйрөлөрүндө ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын дагы башка мыйзамдарында каралган тартипте милдеттүү түрдө иштейт. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу

органдарынын, башка уюм, мекемелердин иши мамлекеттик тилде, зарыл учурларда - расмий тилде да жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан тизмеси белгиленген мамлекеттик кызматчылар, өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө билүүгө милдеттүү.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.11.2017-жылдагы №757 "Административдик кызмат орундарын ээлеген мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын мамлекеттик тилди өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн керектүү көлөмдө билүү деңгээлин белгилөө жана аны мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине киргизүү мөөнөтү жөнүндө" токтому менен, төмөндөгүлөр белгиленген: "Жогорку, башкы, улук жана кенже топтордогу административдик кызматтарды ээлеген мамлекеттик жарандык кызматчылар жана муниципалдык кызматчылар мамлекеттик тилди төмөнкүдөй көлөмдөн жана деңгээлден кем эмес билүүгө милдеттүү: базалык деңгээлден (А2) - 2019-жылдан тартып; орто деңгээлден (В1) - 2020-жылдан тартып; ортодон жогору деңгээлден (В2) - 2021-жылдан тартып".

Ошондой эле, ушул токтом менен мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери (макулдашуу боюнча) мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды мамлекеттик тилге окутууга көмөк көрсөтүүсү белгиленген.

Жогоруда жазылгандардын натыйжасында, жогоруда аталган мыйзамды аткаруу, мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана иш кагаздарына жайылтуу максатында, жогорку С1 деңгээлинде мамлекеттик тилди билгендиги үчүн эмгек акыга карата ай сайынкы үстөк акыны белгилөө эмес, ушул токтомго ылайык, Социалдык фонддо мамлекеттик тилди окутуунун жана бир катар тиешелүү иш-чараларды уюштуруу белгиленген.

Ошондой эле, жогоруда аталган "Кыргыз Республикасынын мамелкеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, мамлекеттик кызматчылар, өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө билүүгө милдеттүү. Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, башка уюм, мекемелердин иши мамлекеттик тилде, зарыл учурларда - расмий тилде да жүргүзүлөт.

Социалдык фонддун Башкармасы кабыл алган токтомдун натыйжасында, мамлекеттик тилди жогорку деңгээлде билгендиги үчүн, 2021-жылдын 5 айы ичинде бардыгы болуп **1 126,8 миң сом** суммасындагы үстөк акы эсептелген. Бул болсо, мамлекеттик каражаттардын үнөмсүз жана рационалдуу эмес пайдаланылышына алып келген.

*Социалдык фонддун Башкармасынын 2021-жылдын 2-июнундагы "Социалдык фонддун кызматкерлеринин эмгегинен төлөө жөнүндө" жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому менен, "Мамлекеттик тилди жогорку денгээлде билген жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзгөн Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын кызматкерлеринин*

*эмгек акысына карата үстөк акыны белгилөө жөнүндө” токтому 2021-жылдын 1-июлунан тартып күчүн жоготкон.*

**4.** Жыл сайынкы эмгек өргүүлөрүн эсептөө боюнча аудиттин жүрүшүндөгү суроо-талапка ылайык, Социалдык фонддун Борбордук аппараты, регионалдык башкармалыктары жана мекемелери берген маалыматтар боюнча, 2021-жылы 28 күндүк негизги эмгек өргүүсүн төлөө боюнча кызматкерге 56 560,3 миң сом чыгымдар эсептелген. Бирок, анын ичинен **7 954,2** миң сом суммасы, төмөндөгү фактыларга байланыштуу, уруксат берүүчү ченемдик актылары жок туруп, ашыкча жүргүзүлгөн:

“Социалдык фонддун кызматкерлеринин эмгегинен төлөө жөнүндө” жобого ылайык, Социалдык фонддун Башкармасынын 2018-жылдын 11-мсайындагы №40 токтому менен, жыл сайынкы төлөнүүчү эмгек өргүүгө чыгууда, мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген Социалдык фонд кызматкерлерине 4-пункттун 4.9-пунктчасынын негизинде 28 календардык күндөгү эмгек өргүүсү берилет, иштин өзгөчө мүнөзү үчүн, жыл сайынкы төлөнүүчү эмгек өргүүсү 2 (эки) календардык күнгө узартылат жана беш, он жана он беш жылдык иштеген жылдары үчүн жыл сайынкы төлөнүүчү эмгек өргүүсү 2 (эки), 4 (төрт) жана (6) алты календардык күнгө көбөйөт.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 117-беренесине ылайык, Ар жылдык акы төлөнүүчү негизги өргүү кызматкерлерге 28 календардык күнгө берилет.

28 календардык күндөн ашык ар жылдык акы төлөнүүчү негизги өргүү (узартылган негизги өргүү) кызматкерлерге ушул Кодекске жана башка мыйзамдарга ылайык берилет

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 118-беренесине ылайык,

28 календардык күндөн ашык узартылган негизги өргүү төмөнкүдөй белгиленет:

1) мамлекеттик кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык;

2) 18 жашка чейинки кызматкерлерге (анын ичинде өндүрүштүк окуудан өтүү үчүн кабыл алынгандарга) жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга - 30 календардык күн. Эгерде узартылган негизги өргүү берилген жумуш жылынын ичинде кызматкер 18 жашка толсо же анын майыптыгы алынып салынса акыркысынын узактыгы азайтылбайт;

3) токой өнөр жай мекемелеринин жана токой чарбасынын кызматкерлерине - 30 календардык күн. Иштегенде узартылган негизги өргүү алууга укук берген өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана кызмат орундардын тизмегин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

Социалдык фонддо кызматкерлердин эмгегине төлөө тутуму, Социалдык фонддун Башкармасы бекиткен, жогоруда аталган Жобо менен регламенттелет.

Мамлекеттик каражаттардын эсебинен Социалдык фонддун кызматкерлери үчүн узартылган негизги эмгек өргүнү берүү, Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик-укуктук актылары менен регламенттелиши, ошондой эле тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан

уруксат берүүчү ченемдик документтер болушу керек, анткени, чыгымдар республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

Демек, Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан белгиленген, мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген Социалдык фонд кызматкерлерине 28 күндөн ашык узартылган негизги эмгек өргүүсү, мамлекеттик каражаттардын 7 954,2 миң сом суммасындагы ашыкча чыгымына алып келген.

**Социалдык фонддун штаттык саны боюнча:**

Ченемдик актылардын (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 26-июнундагы ПЖ №278 “Мамлекеттик аппараттын санын кыскартуу жөнүндө” Жарлыгы жана 2021-жылдын 5-ноябрындагы №520 “Мамлекеттик органдардын ишинин айрым маселелери жөнүндө” Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 12-февралындагы №38 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмү бекитилгендигине жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө”, 31.03.2021-жылдагы №122 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”, 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомдору) кабыл алынгандыгына байланыштуу, 2021-жылы Социалдык фонддун шаттык саны бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Мында, Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан штаттык санды бекитүүдө, мамлекеттик кызматтын ченемдик түзүмдөрү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы №473 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому жана 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому эске алынган эмес.

Аудиттин жүрүшүндө суроо-талапка ылайык, Социалдык фонддун Борбордук аппараты, регионалдык башкармалыктары жана мекемелери берген белгиленген ченемдеги штаттык саны жана фактылар тууралуу маалыматтар боюнча, бекитилген түзүмдүн жетектөөчү кызматтагы курамдын, башкы жана жетектөөчү адистин белгиленген ченемдерине туура келбегендигине байланыштуу, Социалдык фонддун эмгек акы фондусунун ашырылышы 7886,9 миң сомду түзгөн, Социалдык фондго чегерүүлөр - 1215,3 миң сом, бардыгы болуп **9102,2** миң сом суммасында (анын ичинен, 19 райондук башкармалыктар боюнча ашыруу 2577,7 миң сом суммасында, аларга Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан аудит жүргүзүлгөн).

*Социалдык фонд тарабынан кызматтардын ченемдеринин ашырылышы тууралуу маселе боюнча, аларды ылайык келтирүү боюнча 2021-жылы чаралар көрүлгөн, ошондой эле, өткөн 2020-жылга карата Эсептөө палатасы тарабынан Социалдык фонд жүргүзүлгөн аудитин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын кайрылуусуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча анын сунуштарына ылайык адамдардын жоопкерчиликтери каралган.*

**Ижара мамилелери боюнча**

Бишкек шаары, Радищев көчөсү, 62 дареги боюнча жайгашкан, 3 кабаттуу мамлекеттик имаратты анын жанындагы аймагы менен колдонуу жөнүндө келишим Социалдык фонд менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу Мамлекеттик имараттар департаменти (мындан ары – Департамент) менен 10.04.2015-жылы түзүлгөн.

Департамент тарабынан бул мамлекеттик имарат белгилүү бир шарттар менен кайтарымсыз колдонууга берилген.

Мында, бул келишимди колдонуу мөөнөтү бөлүгүнүн туура эмес түзүлүшү мүмкүндүгүнө байланыштуу, 2016-жылдын апрелинен тартып жараксыз болуп калган, ал жерде, 01.01.2017-жылга колдонуу мөөнөтү аяктаган же Департамент тарабынан мамлекеттик имараттардын пайдаланылышына контролдоо камсыздалган эмес.

Мамлекеттик имараттарды колдонуу жөнүндө ушул келишимге ылайык, Социалдык фонддун милдеттерине жеке жана юридикалык жактарга жайды ижарага бербөө кирген.

Бирок, жеке жактарга менен турак эмес жайды ижарага алуу келишимине ылайык, Социалдык фонд тарабынан 11.05.2021-жылы 108 $м^2$ аянттагы комплекстүү тамактануу жайы 10,0 миң сом суммасында (анын ичинен коммуналдык кызматтар 2,2 миң сом) ижарага берилген, ал эми 12.07.2021-жылы келишим менен бул жай 90 $м^2$ка азайтуу менен 5,0 миң сом суммасында (анын ичинен коммуналдык кызматтар алар орноткон эсептегич боюнча ижарага алган адамдын эсебинен) ижарага берилген.

Натыйжада, жай Департамент менен макулдашылбастан ижарага берилген.

2021-жылга карата 38,2 миң сом ижара акысы (анын ичинен, ашкананын убактылуу иштебей калгандыгына байланыштуу, коммуналдык кызматтар 12,5 миң сомду эске алуу менен) төлөнүүгө тийиш болсо, анын ичинен, 23,2 миң сом төлөм жүргүзүлгөн, төлөнбөгөн **15,0** миң сом суммасындагы калдык аудиттин жүрүшүндө 30.06.2022-жылдагы №1895/cas/26 төлөм тапшырмасы менен өндүрүлгөн.

Мында, **25,7** миң сом суммасындагы ижара акысы бюджетке чегерилген, анткени, Департаментке билдирилбестен жана аны менен макулдашылбастан, жай ижарага берилген.

**Негизги каражаттар боюнча**

1. Социалдык фонддун бухгалтердик эсебин уюштуруу боюнча нускамага ылайык, жыл сайын инвентаризация жүргүзүлүп турат. 2021-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча ( 20.12.2021-жылдагы №542 буйрук) Социалдык фонд тарабынан НК, ТМБ жана МБПга инвентаризация жүргүзүлгөн, анын жыйынтыгы боюнча инвентариазациялык тизмеге ылайык чектөөлөр аныкталган эмес.

Бирок, инвентаризациялоо маалыматтары боюнча, Саламаттык сактоо министрлигине 2021-жылдын 3-сентябрында убактылуу пайдаланууга берилген, мамлекеттик №01KG911AI, 2014-жылы чыгарылган, наркы 2752,1 миң сом болгон «Тойота Ленд Крузер Прадо» маркасындагы автомашина бар катары бухгалтердик эсепте турат.

Буга байланыштуу, аудиттин жүрүшүндө Социалдык фонддун 2022-жылдын 15-июнундагы буйругуна ылайык, Социалдык фонддун авто транспорттук каражаттардын факты жүзүндө болушу боюнча Эсептөө палатасынын мамлекеттик инспекторунун катышуусу менен инвентаризация жүргүзүлгөн.

Мамлекеттик №01KG911AI, 2014-жылы чыгарылган, наркы 2752,1 миң сомдук «Тойота Ленд Крузер Прадо» маркасындагы бул автомашинанын жоктугу аныкталган. Социалдык фонд тарабынан 2021-жылга берилген маалыматтарга ылайык, Социалдык фонддун 2021-жылдын 14-июлундагы № 259-б буйругунун жана 2021-жылдын 3-сентябрындагы “Транспорт каражаттарын убактылуу пайдалануу жөнүндө” келишимдин негизинде мамлекеттик №01KG911AI, 2014-жылы чыгарылган, наркы 2752,1 миң сом болгон «Тойота Ленд Крузер Прадо» маркасындагы автомашина 2023-жылдын 1-январына чейинки мөөнөткө убактылуу кайтарымсыз пайдалануу үчүн, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине берилген.

2020-жылга жүргүзүлгөн мурунку аудитке ылайык, Социалдык фонддун Башкармасынын 14.01.2019-жылдагы №3 токтомунун негизинде, “Кара-Балта тоо-кен комбинаты” ААКсынан 2752,1 миң сом суммасындагы камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызды, анын ичинен 550,4 миң сом туумду төлөө эсебине, Жайыл РСФБ балансына 2014-жылы чыгарылган «Тойота Ленд Крузер Прадо» автомашина кабыл алынгандыгы көрсөтүлгөн.

Социалдык фонддун Башкармасынын 03.08.2020-жылдагы №47 токтомуна ылайык, бул автомашина Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын балансына алынган, ал үчүн административдик чыгымдар каражаттарынан, “Кара-Балта тоо-кен комбинаты” ААКсынан 2201,7 миң сом суммасындагы камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча негизги карызды жана 550,4 миң сом туумду төлөө үчүн, Жайыл РСФБнын топтоо эсебине чегерилген.

Социалдык фонд тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн келишимди бузуу жөнүндө билдирүү (№19-4/5082) 2021-жылдын 14-октябрында жана бул транспортту кайтаруу жөнүндө кат (18.10.2021-жылдагы №17-4/5144) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жөнөтүлгөн.

2021-жылдын декабрында Социалдык фонд тарабынан Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотуна жеке мүлктү талап кылуу жөнүндө Саламаттык сактоо министрлигине карата доо арыз берилген. *Социалдык фонддун маалыматына ылайык, учурда бул маселе боюнча соттук териштирүү жүрүп жатат.*

Жогоруда белгиленгендердин негизинде, комиссия тарабынан бухгалтердик эсептин жүргүзүү тартибин бузуу менен, инвентаризация жүргүзүү боюнча инвентаризациялоо актысы түзүлгөн. Ал жерде негизги каражаттын жоктугу жөнүндө салыштыруу ведомосту түзүлбөстөн туруп, транспорт каражатынын факт жүзүндө болушу көрсөтүлгөн.

Кыймылдаткычы 3956 $см^{3}$ көлөмү менен «Тойота Ленд Крузер Прадо» пайдалануу мезгили ичинде, аны күтүү боюнча чыгымдар 306,3 миң сомду түзгөн.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна ылайык, Социалдык фонддун Борбордук аппаратында «Тойота Ленд Крузер Прадо» маркасындагы автомашинаны эсепке алуу менен, 2021-жылдын 29-апрелине чейин белгиленген лимиттен ашык 2014-жылы чыгарылган мамлекеттик №01KG911AI 1 автомашина болгон.

Көрсөтүлгөн токтомго ылайык, 6 транспорттук каражаттардын ичинен мамлекеттик органдын жетекчиси үчүн 1 кызматтык машина жана 5 нөөмөттүк автомашина каралган.

Бирок, аудит мезгили ичинде 5 транспорттук каражаттар кызматтык машина катары пайдаланылган жана бир гана автомашина багыты боюнча нөөмөттүк машина катары пайдаланылган.

Социалдык фонддун жетекчисинен (төрагадан) сырткары, төраганын 3 орун басары кызматтык автомашиналарды пайдаланышкан.

2. Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү тартиби сакталбастан, негизги каржаттар алардын толук эскиргендиги жана негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндө актылардын негизи жок туруп, мекеме жетекчиси тарабынан **1 113,8** миң сом суммасында бекитилген чыгымдарга киргизилген. *Аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча калыбына келтирилген.*

**Дебитордук жана кредиттик карыз боюнча**

**1.** Социалдык фонддун балансы боюнча "Пенсиялык фонддун милдеттенмелери" эсеби менен, 01.01.2021-жылга карата карыз - 275,0 млн. сомду, 01.01.2022 –жылга 154,6 млн сомго көбөйүү менен, 429,6 млн. сомду түзгөн. Бул карыз, пенсиянын базалык бөлүгүн, пенсияларга кошуп төлөөлөрдү, эмгек майыптыгы боюнча компенсациялык төлөмдөрдү, жеңилдетилген пенсияларды, аскер кызматчыларынын пенсияларын, аскер

кызматчыларынын мамлекеттик милдеттүү жеке камсыздандырууларын каржылоого багытталган республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча карыз болуп эсептелет.

Ошентип, республикалык бюджет алдында Пенсиялык фонддун милдеттенмелери 380,8 млн. сом суммасында түзүлгөн, алар 2022-жылы чегерилген.

"Жана башка кыска мөөнөттүү милдеттенмелер" эсеби боюнча карыз 01.01.2021-жылга карата - 16,9 млн. сомду, 01.01.2022-жылга - 26,8 млн. сомго көбөйүү менен (төлөмдү багыты жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча бюджеттик классификациялоонун төлөм коду, МСКБда каттоо менен алыш-бериш эсебинин туура келбегендигине байланыштуу, жаңылыш келип түшкөн суммалар) 43,7 млн. сомду түзгөн.

"Ашыкча төлөнгөн пенсялар" эсеби боюнча карыз 01.01.2021-жылга карата - 16,9 млн. сомду, 01.01.2022-жылга - 2,6 млн. сомго көбөйүү менен (пенсионер каза болгондон жана токтотулгандан кийин пенсияны төлөө) 19,5 млн. сомду түзгөн.

"Жана башка дебитордук карыз" эсеби боюнча карыз 01.01.2021-жылга карата - 376,4 млн. сомду, 01.01.2022-жылга - 223,4 млн. сомду түзгөн (ЕКС эсебине камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча өтмө калдык).

Жогоруда көрсөтүлгөн пенсияларды ашыкча төлөөнүн натыйжасында, жана башка кыска мөөнөттүү милдеттенмелер өскөн.

**2.** Бухгалтердик баланс боюнча 3 768,6 миң сом суммасындагы дебитордук карыз бар, анын ичинен, 3 209,3 миң сом суммасындагы карыз, тиешелүү түрдө 3 209,0 миң сом жана 0,3 миң сом 2005 жана 2010-жылдары кампа боюнча аныкталган кем чыгууларга байланыштуу, материалдык жактан жоопкерчиликтүү адамдарга эсептелген.

Социалдык фонддун маалыматтарына ылайык, жазык иши козголгон бирок, 2012-2013-жылдардан тартып күнөөлүү адамдардан кем чыгуулар боюнча көрсөтүлгөн карызды өндүрүү боюнча Социалдык фонддун жетекчилиги тарабынан талаптагыдай контролдоонун жоктугунан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тиешелүү чаралар көрүлгөн эмес.

Бухгалтердик эсепти жүргүзүү тартибин бузуу менен, 9 жылдан ашык чараларды көрбөстөн, бухгалтердик эсеп боюнча дебитордук карызды эсепке алуу жүргүзүлгөн.

Аудиттин жүрүшүндө, Социалдык фонд тарабынан бул маселе боюнча тиешелүү органга суроо-талап жөнөтүлгөн (23.05.2022-жылдагы 08-8/2100,08-4/2099).

**3.** *Камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө эсебине айыл чарба товарларын өндүрүүчүлөрдөн буудай данын кабыл алуу маселеси боюнча*

Бул маселе боюнча Эсептөө палатасы жүргүзгөн жыл сайынкы аудитте, берилген жана өткөрүлгөн буудай данынын наркын калыбына келтирүү жана өндүрүү боюнча сот жана укук коргоо органдары менен иштөө боюнча чаралар көрүлбөгөндүгү көрсөтүлөт.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы боюнча чаралар жөнүндө” токтомдору (06.03.2003-жылдагы №109, 05.03.2004-жылдагы №129, 03.03.2005-жылдагы №115, 06.05.2006-жылдагы №327, 10.09.2007-жылдагы №403) менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы саясат жана атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттик белгилеген баада айылдык товар өндүрүүчүлөрдөн камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөнүн эсебине буудай кабыл алууга, ошондой эле төлөөчүлөрдүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебине банк мекемелеринде акча каражаттарын алыш-бериш эсеби аркылуу максаттуу өткөрүү жолу менен, камсыздандыруу фондуларына кызмат (жумуш) көрсөткөн уюмдар менен өз ара эсептешүү жүргүзүүгө уруксат берилген.

01.01.2021-жылдагы абал боюнча Социалдык фонддун эсеби боюнча жеке жана юридикалык жактарын дарегине буудайды берүү боюнча туумду эске алуу менен, 55 172,1 миң сом суммасындагы дебитордук карыз эсептелген. 2021-жылы 126,0 миң сом төлөнгөн жана 01.01.2022-жылга карата карыз 55 046,1 миң сомду түзгөн (3746,5 миң сом туумду эсепке алуу менен).

Бул карыз боюнча көрүлгөн чараларды изилдөө, карызды өндүрүү жана калыбына келтирүү боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлбөгөндүгүн көрсөткөн. Айрым соттук иштер боюнча иштер 2009-жылдан тартып токтотулган.

Бул маселе боюнча иш, Социалдык фонддун ички аудит бөлүмү менен бирге регионалдык башкармалыктар тарабынан, юридикалык башкармалыктын адистерин тартпастан жүргүзүлгөн. 2022-жылы бул маселе боюнча материалдар Социалдык фонддун юридикалык башкармалыгына берилген.

**Мамлекеттик сатып алуулар боюнча**

2021-жылга Социалдык фонддун Борбордук аппараты тарабынан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу планы 91 506,7 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде сатып алуу планы 67 348,4 миң сом суммасында такталган. 2021-жылы сатып алуулар планы 50 052,1 миң сом суммасында аткарылган.

Алсак, 106 конкурс жарыяланган, анын ичинен 55 конкурс өткөрүлгөн, 51 конкурс өтпөй калган.

Сатып алуулар келишимди түз түзүү ыкмасы менен 12 712,5 миң сом суммасы менен 25 конкурс, жөнөкөй ыкма менен 10 512,5 миң сом суммасы менен 26 конкурс, бир этаптуу ыкма менен 16 211,3 4 конкурс жана эки этаптуу ыкма менен 10 615,8 миң сом суммасында конкурс өткөрүү менен жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, Пенсиялык фонддун каражаттарынын ичинен банктын кызмат көрсөтүүлөрүнүн чыгымдары 9 917,1 миң сомду (бир этаптуу ыкма менен конкурс) түзгөн.

Сатып алуулар планын аткарууда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, конкурс өткөрбөстөн туруп, **1 653,2** миң сом суммасындагы чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинен: ар кандай товарларды сатып алууга (өкүлчүлүк чыгымдары ж.б.)

- 119,8 миң сом, «Пирамида» телеканалынын кызмат көрсөтүүсүнө - 1300,0 миң сом, транспорттук чыгымдарга - 233,4 миң сом.

**Байланыш кызматынын чыгымдары боюнча**

Социалдык фонддун буйругу менен, Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын кызматкерлеринин абоненттик телефон номерин көрсөтпөстөн, интернет байланышы менен уюлдук байланыш чыгымдарына лимиттер белгиленген, ал боюнча төмөндөгүдөй чыгымдар жүргүзүлөт:

- 26.11.2018-жылдагы №427 жетекчилик курамына 500 сомдон 7000 сомго чейин (төрагага) жана кызматкерлерге 300 сомдон 500 сомго чейин;
- 01.04.2021-жылдагы №103 жетекчилик курамына 500 сомдон 2000 сомго чейин (төрагага) жана кызматкерлерге 200 сомдон 500 сомго чейин;
- 03.05.2021-жылдагы № 172 жетекчилик курамына 500 сомдон 5000 сомго чейин (төрагага) жана кызматкерлерге 400 сомдон 500 сомго чейин;
- 28.05.2021-жылдагы № 196 жетекчилик курамына 500 сомдон 1500 сомго чейин (төрагага) жана кызматкерлерге 400 сомдон 500 сомго чейин.

2021-жылга уюлдук байланыш чыгымдары 133,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен, интернет кызматы үчүн 21,8 миң сом, лимитти ашыргандыгы үчүн кызматкерлерден 46,0 миң сом суммасындагы каражаттар кармалган.

Социалдык фонддун жетекчилигине интернет байланышы менен уюлдук байланыш чыгымдарына лимиттердин суммасынын ичинен жана айрым факты жүзүндө чыгымдар боюнча берилген маалыматтардан улам, мониторинг, талдоо жана эсептөөлөрдү жүргүзбөстөн туруп, лимиттер ашырылган, ошондой эле жогорулатылган лимиттер, лимиттерди чаржайыт колдонуу мүмкүнчүлүгүнө жол берилген.

Ошондой эле, белгиленген лимитке башка кошумча кызмат көрсөтүүлөр киргизилген, анын ичинен, интернет байланышы боюнча инфо-кызыктыруучу кызматтар.

Социалдык фонддун 26.08.2021-жылдагы №316 буйругу менен, уюлдук байланыш боюнча чыгымдар 2021-жылдын 1-сентябрынан тартып токтотулган.

## 8-бөлүм.
## Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд (МТПФ)

2021-жылы МТПФ каражаттары 9 089,9 млн. сом суммасында инвестицияланган, анын ичинен, мама баалуу кагаздарга - 4 779,9 млн. сом жана коммерциялык банктардагы депозиттерге - 4 310,0 млн. сом.

01.01.2022-жылдагы абал боюнча МТПФ каражаттарын жайгаштыруу боюнча калдык 29 110,2 млн. сом суммасын түзгөн.

Мамлекеттик баалуу кагаздарга пенсиялык топтомо каражаттарды жайгаштыруу, автоматташтырылган соода тутуму (АСТ) аркылуу конкурстук негизде, Улуттук банк өткөргөн аукциондорго катышуу жолу менен жүргүзүлөт.

МТПФда бардыгы болуп, 01.01.2021-жылдагы абал боюнча баалуу кагаздарга 22 501 159,2 миң сом инвестицияланган, 01.01.2022-жылга карата –

24 800 224,1 миң сом, же баалуу кагаздар портфелинин өсүүсү 2 299 064,9 миң сомду түзгөн.

- Кыргыз Республикасынын пенсиялык тутумунун топтоо компоненти иштей баштагандан тартып, б.а. 2010-2021-жылдар мезгил аралыгында МТПФ маалыматтары боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн бардык келип түшүүлөрү 16 186,9 млн. сомду түзгөн, мындан сырткары, ушул эле мезгил аралыгында аларды инвестициялоодон 14 928,8 млн. сом киреше алынган жана 1 443,9 млн. сомдук пенсиялык топтоолор төлөнгөн.
- Баалуу кагаздарды төлөө жана аларды жаңы баалуу кагаздарга 2 480,8 млн. сомго кайрадан инвестициялоого, ошондой эле жаңы баалуу кагаздарды сатып алууга башка эркин суммаларды - 2 299,1 млн. сомду багыттоого байланыштуу, Финансы министрлиги баалуу кагаздарга каражаттарды факты жүзүндө жайгаштыруу 2021-жылы 4 779,9 млн. сомду түзгөн, же 01.01.2021-жылга карата баалуу кагаздар пакетинин номиналдык наркынан 21,2 %.
- Пенсиялык топтоолорго каражаттарды инвестициялоо, кезектеги жылдын ар бир кварталы үчүн МТПФнын инвестициялык декларацияларына ылайык жүргүзүлөт, ал Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан бекитилет жана ал жерде пенсиялык топтомо каражаттарын инвестициялоо объектилеринин тизмеси жана финансылык аспаптардын түрлөрү боюнча аларды инвестициялоо лимиттери белгиленет: МБК, кредиттик уюмдардагы мөөнөттүү депозиттер, облигациялар, ипотекалык баалуу кагаздар.

“Социалдык фонддун эркин акча каражаттарын жана МТПФ каражаттарын жайгаштыруу боюнча депозиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” Жобонун 45-пунктуна ылайык, 14.05.2020-жылдагы №135-т, 13.09.2021-жылдагы №341 жана 14.12.2021-жылдагы №535 буйруктар менен, депозиттик аукциондорду өткөрүү боюнча комиссия бекитилген, ал жерде комиссиянын курамы 7 адамдан, анын ичинен Байкоочу Кеңештин 1 мүчөсүнөн турган.

Бирок, депозиттик аукциондорду өткөрүү боюнча комиссиянын бардык отурумдарында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча Байкоочу Кеңештин мүчөсү катышкан эмес.

2021-жылы Социалдык фонддун Башкармасынын 12.01.2021-жылдагы №1, 06.04.2021-жылдагы №19, 09.07.2021-жылдагы №33 жана 04.10.2021-жылдагы №52 токтомдору менен 4 инвестициялык долбоор бекитилген.

2021-жылы 25 депозиттик аукцион өткөрүлгөн. МТПФнын отчетуна жана эсепттик маалыматтарына ылайык, коммерциялык банктардын депозитине 4 310 000,0 миң сом топтолгон пенсиялык каражаттар жайгаштырылган, мурда жайгаштырылган депозиттерди эске алуу менен, алардан 332 190,7 миң сом киреше алынгандыгы белгиленген.

Бухгалтердик эсеп боюнча келишим боюнча депозиттик банктык аманатка пайыздарды эсептөө ай сайын жүргүзүлбөйт, ал эми эсеп факты жүзүндө келип түшкөн пайыздар (кирешелер) боюнча жүргүзүлөт.

***2021-жылы жайгаштырылган жана төлөнгөн депозиттер***

9-таблица.

(миң сом)

| **Коммерциялык банктар** | **2021-жылдан башындагы депозиттер** | **2021-жылы жайгаштырыл-ган** | **2021-жылы төлөнгөн** | **2021-жылдын аягындагы депозиттер** |
|---|---|---|---|---|
| Дос-Кредобанк | 0,0 | 150 000,0 | | 150 000,0 |
| Азия банкы | 140 000,0 | 300 000,0 | 140 000,0 | 300 000,0 |
| РСК Банк | 0,0 | 410 000,0 | | 410 000,0 |
| Банк Компаньон | 160 000,0 | 140 000,0 | 160 000,0 | 140 000,0 |
| Финка Банк | 100 000,0 | 385 000,0 | 100 000,0 | 385 000,0 |
| Айыл Банк | 186 250,0 | 640 000,0 | 186 250,0 | 640 000,0 |
| «Бай-Тушум» банкы | 0,0 | 185 000,0 | | 185 000,0 |
| КИКБ | 300 000,0 | 210 000,0 | 300 000,0 | 210 000,0 |
| Кыргыз-Швейцария банкы | 40 000,0 | 270 000,0 | 40 000,0 | 270 000,0 |
| Бакай Банк | 100 000,0 | 865 000,0 | 100 000,0 | 865 000,0 |
| Халык Банк | 360 000,0 | 700 000,0 | 360 000,0 | 700 000,0 |
| Капитал Банк | 130 000,0 | 55 000,0 | 130 000,0 | 55 000,0 |
| **Бардыгы** | **1 516 250,0** | **4 310 000,0** | **1 516 250,0** | **4 310 000,0** |

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, камсыздандыруу учуру башталганда: пенсиялык жашка жеткенде, ден соолугунун айынан эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкондо, Кыргызстан сырткары туруктуу жашоо үчүн кеткенде, пенсиялык топтомо каражаттары бар адам инвестициялык кирешени эсепке алуу менен, топтолгон каражаттарды алууга укуктуу. Пенсиялык топтомо каражаттарга ээ камсыздандырылган адам каза болгон учурда, бардык сумма мураскерине төлөнөт.

Республиканын жогорку категориядагы камсыздандырылган жарандарынын укуктарын камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.10.2012-жылдагы №745 токтому менен, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонддун топтолгон пенсиялык каражаттарын төлөө эрежеси” бекитилген.

Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонддон төлөө 2013-жылдан бери жүргүзүлүүдө. 2021-жылга 349 294,5 миң сом суммасындагы төлөмдөр каржыланган, анын ичинен, ипотекалык кредитти алуу боюнча баштапкы төгүм катары 82 алуучуга 11 387,5 миң сом төлөнгөн.

Бул болсо, төлөмдөрдү каржылоо арыз талап кылган мүнөзгө ээ. Мындан улам, пенсиялык топтолгон каражаттарды төлөө көлөмү, кайрылган жарандардын факты жүзүндөгү санына жараша болот.

- Социалдык фонддун эки бөлүмүнүн (МТПФ жана Жекелештирип эсепке алуу башкармалыгы) ортосунда маалымат алмашууну автоматташтыруу интеграцияланган эместигин белгилей кетүү керек.

Төлөм пенсиялык топтолгон каражаттарды алуучулардын реестри тиркемеси менен, Социалдык фонддун райондук башкармалыктары менен каржылоого боюнча берилген арыздарга жүргүзүлөт.

Ошентип, МТПФ мекемелериндеги топтомо пенсиялык тутумдун ар бир катышуучусуна алынган инвестициялык кирешени чегерүү жана көрсөтүү жүргүзүлбөйт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, бул иш Социалдык фонддун жекелештирип эсепке алуу башкармалыгына жүктөлгөн.

МТПФда 2021-жылдан тартып 2021-жылга чейин инвестициялык фонддун суммасы 14 928 800,0 миң сомду түзгөн.

***Пенсиялык топтолгон каражаттарды топтомо пенсиялык фондго которуу боюнча***

2021-жыл ичинде "Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, "Кыргызстан" жана "Дордой Салым" топтомо пенсиялык фонддорго 628 жарандын жалпы 55 243,7 миң сом суммасындагы пенсиялык топтолгон каражаттары чегерилген.

***МТПФнын административдик-башкаруу чыгымдары***

2021-жылга МТПФнын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, административдик-башкаруу чыгымдары 10 696,5 миң сом суммасында бекитилген, отчеттук жыл ичинде өзгөрүүлөр болгон эмес. 8 259,2 миң сом суммасында кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн. Факты жүзүндө чыгымдар 8 502,9 миң сомду түзүп, кассалык чыгымдардан факты жүзүндөгү чыгымдардын 243,7 миң сом суммасында аткарылышы, кредиттик карызды төгүү менен түшүндүрүлгөн. Чыгымдар түзүмүндө басым чыгымдар болуп төмөндөгүлөр эсептелет: "Эмгек акы беренси" боюнча - 6 217,3 миң сом же 75,3%; "Социалдык фондго төгүмдөр" беренеси боюнча - 823,5 миң сом же 10%; "Ижара акысы" беренси боюнча - 541,5 миң сом же 6,6%.

Банктык операцияларды жүргүзүү үчүн МТПФ "Айыл Банк" ААКсында алыш-бериш эсебине ээ (топтоо эсеби, кирешелер боюнча эсеп БК кирешеси, эсептеги күндөлүк калдыктарга %, чыгымдарды эсепке алуу боюнча эсеп, банктын кызматтары, финансылык кызматтар, бюджеттин чыгымдары, күндөлүк эсеп (башкаруу чыгымдары) жана "РСК Банк" ААКсы (топтоо эсеби, кирешелер боюнча эсеп БК кирешеси, эсептеги күндөлүк калдыктарга %, чыгымдарды эсепке алуу боюнча эсеп, банктын кызматтары, финансылык кызматтар, бюджеттин чыгымдары, күндөлүк эсеп (башкаруу чыгымдары), ошондой эле Улуттук банктагы күндөлүк эсеп (БКны жайгаштыруу боюнча чыгымдар).

МТПФ балансына ылайык, банк мекемелериндеги акча каражаттарынын калдыктары 01.01.2021-жылдагы абал боюнча 638 847,7 миң сомду түзгөн.

## 9-бөлүм.
## Социалдык фонддун райондук жана регионалдык башкармалыктары

***Социалдык фонддун Биринчи Май райондук башкармалыгы боюнча:***

1. "Эмгек акы" беренеси боюнча жумуштан бошонгон кызматкерлердин 33,8 миң сом суммасындагы дебитордук карызы бар, ал 2018-жылы түзүлгөн.

*Аудиттин жүрүшүндө 33,8 миң сом суммасындагы көрсөтүлгөн карыз мекемеге калыбына келтирилген.*

2. Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун изилдөө жыйынтыгы боюнча, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын төмөндөгү бөлүктөрү бузулгандыгы аныкталган:

- 2021-жылга мамлекеттик сатып алуулардын бекитилген планы берилген эмес;

- чарбалык, кеңсе товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда бааларга мониторинг жүргүзүлгөн эмес (10 жана 21-берене);

- сатып алуулар ыкмаларын туура эмес колдонуу (303,5 миң сом сумасындагы компьютердик техникаларды сатып алууда, бир этаптуу ыкманын ордуна жөнөкөй ыкма колдонулган жана 56,9 миң сом суммасындагы чарбалык товарларды сатып алууда, түз келишим түзүү ыкмасынын ордуна жөнөкөй ыкма колдонулган);

- конкурстук жол-жоболор өткөрүлбөстөн туруп, **261,5** миң сом суммасындагы ар кандай товарлар сатылып алынган;

- Мыйзамдын 51-беренесин бузуу менен, товарларды жеткирүү жана ага төлөө, жеткирүү келишими түзүлгөнгө чейин төлөнгөн.

3. 2021-жылы Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын ичинен байланыш кызматынын (уюлдук байланыш) чыгымдарына 35,1 миң сом өлчөмүндөгү каражаттар каралган. 2018-жылдын 25-июнундагы № 42-1/б буйруктун негизинде, төмөндөгү кызматкерлерге байланыш кызматынын чыгымдары боюнча лимит белгиленген: башкармалыктын начальнигине – 1,5 миң сом, башкы бухгалтерге – 1,2 миң сом, башкармалыктын начальнигинин орун басарына – 1,2 миң сом. Мында, байланыш кызматынын чыгымдары боюнча лимитти белгилөө жөнүндө буйрук, айын, жылын, уюлдук телефондордун номерлерин көрсөтпөстөн чыгарылган, аларга акча каражаттары чегерилет.

***Социалдык фонддун Октябрь райондук башкармалыгы боюнча:***

1. 2222 "Кезектеги чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренеси боюнча **68,8** миң сом суммасындагы негизги каражаттар сатылып алынган, көрсөтүлгөн негизги каражаттар 31123 "эмерек, кеңсе жабдуулары жана аспаптар" беренеси менен сатылып алынышы керек эле же чыгымдар максатсыз багытта Бюджеттик классификациялоого туура келбестен сатылып алынган.

2. Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун изилдөө жыйынтыгы боюнча, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын төмөндөгү бөлүктөрү бузулгандыгы аныкталган:

- Мыйзамдын 51-беренесин бузуу менен, товарларды жеткирүү жана ага төлөө, жеткирүү келишими түзүлгөнгө чейин төлөнгөн;

- конкурстук жол-жоболор өткөрүлбөстөн туруп, **68,6** миң сом суммасындагы арк андай товарлар сатылып алынган.

3. 2021-жылы Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын ичинен байланыш кызматынын (уюлдук байланыш) чыгымдарына 24,0 миң сом өлчөмүндөгү каражаттар каралган. 2020-жылдын 20-мартындагы № 18/1-б буйруктун

негизинде, төмөндөгү кызматкерлерге байланыш кызматынын чыгымдары боюнча лимит белгиленген: башкармалыктын начальнигине – 1,0 миң сом, башкы бухгалтерге – 0,5 миң сом, башкармалыктын начальнигинин орун басарына – 0,5 миң сом. Мында, байланыш кызматынын чыгымдары боюнча лимитти белгилөө жөнүндө буйрук, айын, жылын, уюлдук телефондордун номерлерин көрсөтпөстөн чыгарылган, аларга акча каражаттары чегерилет.

***Социалдык фонддун Свердлов райондук башкармалыгы боюнча:***

1. 2021-жылы Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын ичинен мамлекеттик сатып алуулар боюнча ишти айкалыштыргандыгы үчүн, кызматтык маянадан 30% өлчөмүндө **15,6** миң сом ай сайынкы кошуп төлөө Социалдык фонддун кызматкерине эсептелген. Ал, Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондун түзүү жана пайдалануу жөнүндө” Жободо каралган эмес.
2. Убактылуу мезгил аралыгында иштебеген кызматкердин милдеттерин айкалыштыргандыгы үчүн, Социалдык фонддун кызматкерине **5,3** миң сом суммасында кошуп төлөө негизсиз жүргүзүлгөн (Эмгек кодексинин 167-беренеси).
3. Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорду изилдөө жыйынтыгы боюнча, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдери сакталбагандыгы аныкталган: сатып алуу ыкмаларын туура эмес колдонуу (162,0 миң сом суммасындагы жеке компьютерлерди сатып алууда, сатып алуулардын бир этаптуу ыкмасынын ордуна жөнөкөй ыкма колдонулган).
4. Свердлов СФРБнын 2018-жылдын 29-июнунудагы №48-б буйругу менен, төмөндөгү кызматкерлерге байланыш кызматынын чыгымдары боюнча лимит белгиленген: башкармалыктын начальнигине – 1,5 миң сом, башкы бухгалтерге – 1,2 миң сом, башкармалыктын начальнигинин орун басарына – 1,2 миң сом. Мында, байланыш кызматынын чыгымдары боюнча лимитти белгилөө жөнүндө буйрук, айын, жылын, уюлдук телефондордун номерлерин көрсөтпөстөн чыгарылган, аларга акча каражаттары чегерилет.

***Социалдык фонддун Аламүдүн райондук башкармалыгы боюнча:***

Социалдык фонддун Башкармасынын 2017-жылдын 22-декабрындагы № 141 токтому менен бекитилген, “Пенсияларды, жөлөк пулдарды жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча компенсацияларды төлөө тартиби жөнүндө” Нускаманын 7-бөлүгүнүн 68-пунктун бузуу менен, Аламүдүн СФРБнын төлө бөлүмү тарабынан пенсионер каза болгондон кийин, 13 ай ичинде банктык карточкага 76,4 миң сом суммасындагы пенсия чегерилген, анын ичинен 54,0 миң сом кайтарылган. Өндүрүлбөгөн сумманын калдыгы **22,4** миң сомду түзгөн, мында, көрсөтүлгөн сумма дебитордук карызга (пенсияны ашык төлөө боюнча) киргизилген эмес, *аудиттин жыйынтыгы боюнча эсеп боюнча калыбына келтирилген жана кайтарылган.*

***Социалдык фонддун Жайыл райондук башкармалыгы боюнча:***

Жылуулук тутумун оңдогондон жана демонтаждагандан кийин, металлолом катары **5,6** миң сом суммасындагы 373 кг материалдар кампага кабыл алынган эмес *(эсеп боюнча калыбына келтирилген, сатылган жана башкармалыктын өздүк эсебине 5,6 миң сом чегерилген).*

***Социалдык фонддун Жумгал райондук башкармалыгы боюнча:***

1. КММны ашыкча чыгымдоо **5,6** миң сом суммасында 103 литрди түзгөн.

2. Бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн туруп, келишимди түз түзүү ыкмасы менен **112,8** миң сом суммасындагы КММ сатылып алынган ("Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы).

***Социалдык фонддун Базар-Коргон райондук башкармалыгы боюнча:***

1. Башкармалыктын кызматкерине квалификациясы үчүн **7,6** миң сом суммасындагы кошуп төлөө ашыкча эсептелген.

2. 17 сатып алуунун өткөрүү боюнча комиссиянын курамында мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө сертификацияланган адис жок. Ошондой эле, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү боюнча жоопкерчилик, башкармалыктын бөлүмдөрүнүн бирине жүктөлгөн эмес.

***Социалдык фонддун Ноокен райондук башкармалыгы боюнча:***

1. Аудит мезгили ичинде **4,7** миң сом суммасындагы КММ боюнча чыгымдар негизсиз жүргүзүлгөн.

2. 14 сатып алуунун өткөрүү боюнча комиссиянын курамында мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө сертификацияланган адис жок.

***Социалдык фонддун Кара-Көл шаардык башкармалыгы боюнча:***

Башкармалыктын сатып алуулар планы иштелип чыккан эмес жана веб-порталга жайгаштырылган эмес.

***Социалдык фонддун башкармалыктары боюнча:*** регионалдык башкармалыктар тарабынан белгиленген кызматтык ченем штаттык санды түзүүдө сакталбагандыгына байланыштуу, **2577,7** миң сом суммасындагы чыгымдар ашыкча жүргүзүлгөн *(анын ичинен, Ош СФШБ* -117,4 миң сом, *Алай СФРБ* -163,8 миң сом, *Араван СФРБ* -105,9 миң сом, *Кара-Суу СФРБ* -109,8 миң сом, *Ноокат СФРБ* -201,5 миң сом, *Өзгөн СФРБ* -121,8 миң сом, *Чоң-Алай СФРБ* -162,6 миң сом, *Базар-Коргон СФРБ* -156,5 миң сом, *Сузак СФРБ* -64,1 миң сом, *Аксы СФРБ* -92,4 миң сом, *Ноокен СФРБ* -221,2 миң сом, *Таш-Көмүр СФШБ* -104,0 миң сом, *Кара-Көл СФШБ* -197,6 миң сом, *Майлуу-Суу СФШБ* -101,2 миң сом, *Чаткал СФРБ* -149,8 миң сом, *Чаткал СФРБ* -149,8 миң сом, *Тогуз-Торо СФРБ* -181,2 миң сом, *Кадамжай СФРБ* -71,4 миң сом, *Лейлек СФРБ* -108,8 миң сом, *Сүлүктү СФШБ* -146,9 миң сом).

Ошондой эле, Социалдык фонддун төмөндөгү райондук башкармалыктарында **18,6** миң сом суммасындагы негизсиз командировкалык чыгымдар жүргүзүлгөн (калыбына келтирилген): *Алай райондук башкармалыгы* **-** 5,6 миң сом, *Ноокат райондук башкармалыгы* **-** 7,4 миң сом, *Чаткал райондук башкармалыгы* **-** 2,8 миң сом, *Таш-Көмүр шаардык башкармалыгы* **-** 2,8 миң сом.

## 10-бөлүм.

## Корутунду:

**1.** 2020-жылга жүргүзүлгөн мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштардын аткарылбаган жана жарым-жартылай аткарылган пункттары калган (жазма буйруктун 2 жана 5-пункту, сунуштардын 5 жана 7-пункттары).

**Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышын талдоо**

**2.** 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджетинин жалпы кирешелери 62 554,2 млн. сомду түзгөн. 2020-жылга салыштырмалуу бюджеттин кирешеси 6 498,1 млн. сомго же 111,6%га көбөйгөн. ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин кирешелери 8,7%ды түзгөн. 2021-жылы Социалдык фонддун жалпы чыгымдары 60 758,6 млн. сомду түзгөн. Социалдык фонддун бюджетинин профицити 1 795,6 млн. сомду түзгөн.

**3.** Талдоого ылайык, бюджеттин профицити республикалык бюджет алдында түзүлгөн карыздын эсебинен 380,8 млн. сом суммасында түзүлгөн, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду тарабынан - 133,1 млн. сом, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан - 14,9 миң сом (бардыгы – 513,9 млн. сом). Буга байланыштуу, карызды алып салуу менен бюджеттин профицити **1281,7** млн. сомду түзгөн.

**4.** 2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет, Социалдык фонддун административдик чыгымдарынын дебитордук жана кредиттик карыздары жөнүндө маалыматтан сырткары, дебитордук жана кредиттик карыздын абалы жөнүндө отчетту камтыбайт (Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 118-беренси жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын 01.07.2016 -жылдагы №4 токтому менен бекитилген, "Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу жөнүндө" Жобо).

**Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары**

**5.** Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары 23 215,7 млн. сом суммасында каралган. Бирок, "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары **878,5** млн. сом суммасында көбөйүү менен, 24 094,2 млн. сом суммасында бекитилген, же республикалык бюджеттен Социалдык фондго бөлүнгөн акча каражаттары бөлүгүндө "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ортосунда айырма бар.

Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдары менен республикалык

бюджеттен 23 827,3 млн. сомго такталган. Мында, Финансы министрлигинин Социалдык фонд алдындагы 174,9 млн. сом карызын эске алуу менен, бюджеттин факты жүзүндө аткарылышы 23 501,9 млн. сомду түзгөн. Ошондой эле, пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыгы 380,8 млн. сомду түзүп, ал бюджетке кайтарылган.

Мындан улам, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары, "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилген баштапкы бюджеттин чегинде 23 215,7 млн. сомду түзгөн.

Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарынын бекитилген суммасындагы аныктаган суммалардын айырмасы, Финансы министрлиги менен Социалдык фонддун иштеринин макулдашылбагандыгын көрсөтөт.

**6.** Республикалык бюджеттин каражаттарынын пайдаланылышын жана калдыктарын салыштыруу, 2022-жылдын биринчи кварталы аяктаганда жүргүзүлгөн. Ал жерде, салыштыруу актысына ылайык, пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы **380,8** млн. сом суммасын түзгөн. Пайдаланылбаган каражаттардын калдыктары коммерциялык банктын ("Айыл Банк") алыш-бериш эсебинде 3 айдан ашык турган (Бюджеттик кодекстин 56 жана 106-беренеси), бул болсо, республикалык бюджеттин рационалдуу эмес пайдаланылышына алып келет.

**7.** Республикалык бюджеттин каражаттарынын калдыктарына **2,8** млн. сом пайыздар эсептелиши керек, алар Пенсиялык жана компенсациялык төлөмдөр үчүн, Пенсиялык фонддун кирешелеринин резервдери болуп эсептелет.

**8.** 2021-жылга бюджеттик каражаттар боюнча (республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары) чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет жана республикалык бюджет жөнүндө ченемдик актылар боюнча **161,7** млн. сом суммасындагы пенсиялык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын тиешелүү чыгымдар беренелери боюнча өзүнчө көрсөтүлгөн эмес, алар базалык бөлүк, жеңилдетилген пенсиялар, аскер кызматчыларына пенсиялар, пенсияга кошуп төлөөлөр жана компенсациялык төлөмдөр элементтери менен, 26313 "Социалдык фондго трансферттер" беренесине киргизилген. Б.а. республикалык бюджеттин эсебинен пенсиялык жана компенсациялык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына туура келбестен, ачык берилген эмес.

**9.** 2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчеттун тиркемесинде республикалык бюджеттин эсебинен пенсиялык жана компенсациялык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча чыгымдар катары бул чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын тиешелүү беренеси менен көрсөтүлгөн эмес, алар республикалык бюджеттин эсебинен пенсиялык жана компенсациялык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча чыгымдар же келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен Пенсиялык фонд боюнча жеткирүү

кызматтарына чыгымдардын жалпы суммасына киргизилген, ачык берилген эмес, анткени, колдонуудагы Бюджеттик классификацияда чыгымдардын бул түрүнө элемент каралган эмес.

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо**

**10.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы өз убагында кабыл алынбагандыгына байланыштуу, 01.01.2022-жылдагы абал боюнча Социалдык фонддун ММКФ менен ЭДЧФнын алдындагы 20,5 млн. сом жана 100,3 млн. сом суммасындагы карызы, 2022-жылдын 9-мартында кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен, Социалдык фонддун такталган бюджетине киргизилген эмес. Ошону менен бирге, 2022-жылдын 9-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган жогоруда көрсөтүлгөн карыздар, "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун бекитүүдө Социалдык фонд тарабынан эске алынган.

**11.** Социалдык фонддун берген маалыматтарга ылайык, Кыргызстан Профсоюздар федерациясынын жетекчисинин легитимдүүлүгүн аныктоо боюнча соттук териштирүүлөргө, ЭДЧФнын каражаттарын тескөө боюнча финансылык документтерге кол коюу укугундагы ыйгарым укуктуу адамдын жоктугуна байланыштуу 2021-жыл ичинде Социалдык фонд тарабынан ЭДЧФны каржылоо толугу менен жүргүзүлгөн эмес.

**12.** 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду 2021-жылдын июлунан тартып октябрына чейин гана 212,1 млн. сом суммасында каржыланган, 133,1 млн. сом суммасындагы калдык Социалдык фонддун банктык эсебинде (топтоо) калган.

**13.** Кыргызстан Профсоюздар федерациясынын Кеңешинин ЭДЧФ каражаттарын бөлүштүрүү жөнүндө чечимдеринде, Социалдык фонд тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн профсоюз уюмдарынын жана ден соолукту чыңдоо жайларынын алыш-бериш эсептерине түздөн түз чегерүү үчүн негиз көрсөтүлгөн эмес.

**14.** Социалдык фонд тарабынан ЭДЧФ акча каражаттарын профсоюз уюмдарынын жана ден соолукту чыңдоо жайларынын банктык алыш-бериш эсептерине чегерүү, Социалдык фонддун Башкармасында маселени карабастан, Кыргызстан Профсоюздар федерациясынын чечимдеринин, профсоюз уюмдарынын жана ден соолукту чыңдоо жайларынын тизмесинин жана бөлүштүрүү планынын негизинде жүргүзүлгөн. Мында, профсоюз уюмдарынын жана ден соолукту чыңдоо жайларынын алыш-бериш эсептерине түздөн түз чегерүү маселеси, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча

Байкоочу Кеңеш тарабынан каралышы керек эле.

**Социалдык фонддун Өнүктүрүү фонду**

**15.** Мамлекеттик каражаттарды (Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондунун каражаттары) натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу үчүн, камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу боюнча функцияларды жана ыйгарым укуктарды ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп 2019-жылдын 1-январынан тартып Мамлекеттик салык кызматы аныкталганга байланыштуу, пенсиялык төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн Пенсиялык фондго салыктык эмес кирешелердин толук келип түшүү маселеси каралышы керек.

**16.** 2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы (46,7 млн сом) жөнүндө отчет менен Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасынын аткарылышы (56,7 млн сом) жөнүндө отчеттун ортосунда **10,0** млн сом суммасындагы дал келбестик бар. Отчеттор ортосундагы айырма, Борбордук аппараттын Өнүктүрүү фондунан 2222 “Күндөлүк чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу” беренеси боюнча регионалдык башкармалыктарга каражаттарды кайтаруу катары, регионалдык башкармалыктардын Өнүктүрүү фондуна чегерүүгө байланыштуу пайда болгон. Ошону менен бирге, бул чыгымдар Бюджеттик классификациялоонун 2222 “Күндөлүк чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу” беренесине туура келбейт.

**17.** Айрым беренелер боюнча Өнүктүрүү фондунун сметасы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык аткарылган эмес, ошондой эле смета келип түшүүлөрдү (киреше бөлүктү) көрсөтпөстөн түзүлөт.

**18.** Өнүктүрүү фондунун сметасы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына туура келбеши, жалпы **12 148,2** миң сомду (анын ичинен 10,0 миң сом) түзгөн.

**Социалдык фонддун административдик башкаруу чыгымдары**

**19.** Пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы 01.01.2021-жылга карата - 500,1 миң сомду, 01.01.2022-жылга карата - **267,2** миң сом суммасын түзгөн, алар күндөлүк алыш-бериш эсебинен (административдик чыгымдар) топтоо эсебине (пенсиялык каражаттар) чегерилген эмес, алар пенсиялык каражаттардын резервдери болуп эсептелет.

***Эмгек акы жана башка төлөмдөр боюнча чыгымдар:***

**20.** Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча кварталдык жана жылдык көрсөткүчтөрдү аткарбагандыгы, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу үчүн сый акыларды эсептөө бөлүгүндө эмгек акы, сый акылар жана кошуп төлөөлөр боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

Социалдык фонд он үчүнчү эмгек акынын жана сый акылардын эсептелишин кайрадан карап чыгышы керек, алар негизинен, камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча кварталдык жана жылдык көрсөткүчтөрдү аткаруу, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу эсебинен, камсыздандыруу төлөмдөрүн администрлөө боюнча функцияларды жана ыйгарым укуктарды салык кызматына бергенге чейин (2019-жылдан тартып) жүргүзүлгөн. 2021-жыл үчүн бардыгы болуп, төрт жолку бир айлык эмгек акы фонду өлчөмүндө **18 317,8 миң сом** суммасында сый акыны жана **7 594,1 миң сом** суммасындагы он үчүнчү эмгек акыны төлөө боюнча чыгымдар эсептелген.

**21.** Социалдык фонддун Башкармасынын мүчөлөрү тарабынан жооптуу иштерди аткаргандыгы үчүн үстөк акыларды төлөө боюнча чыгымдар, мамлекеттик органдын (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети) уруксат берүүчү ченемдик документтерисиз, **309,4** миң сом суммасында 50% өлчөмүндө ашыкча эсептелген.

**22.** Мамлекеттик тилди жогорку (С1) деңгээлде билгендиги үчүн, **1 126,8** миң сом суммасындагы үстөк акы эсептелгендин натыйжасында, мамлекеттик каражатта үнөмсүз жана рационалдуу эмес пайдаланылган. .

**23.** Социалдык фонддун кызматкерлерине 28 күндөн ашык узартылган негизги эмгек өргүүсү, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде каралбаган мамлекеттик каражаттардын **7 954,2** миң сом суммасындагы ашыкча чыгымына алып келген (117,118-берене).

***Социалдык фонддун штаттык саны:***

**24.** Бекитилген түзүмдүн жетектөөчү кызматтагы курамдын, башкы жана жетектөөчү адистин белгиленген ченемдерине туура келбегендигине байланыштуу, Социалдык фонддун эмгек акы фондусунун ашырылышы 7886,9 миң сомду түзгөн, Социалдык фондго чегерүүлөр - 1215,3 миң сом, бардыгы болуп **9102,2** миң сом суммасында (анын ичинен, 19 райондук башкармалыктар боюнча ашыруу 2577,7 миң сом суммасында, аларга Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан аудит жүргүзүлгөн). *2022-жылы ЧУАга ылайык келтирилген, ошондой эле бул маселе 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан каралган.*

***Ижара мамилелери:***

**25.** Бишкек шаары, Радищев көчөсү, 62 дареги боюнча жайгашкан, 3 кабаттуу мамлекеттик имаратты анын жанындагы аймагы менен колдонуу жөнүндө келишим Социалдык фонд менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу Мамлекеттик имараттар департаменти менен 10.04.2015-жылы түзүлгөн. Мында, бул келишим келищшимди колдонуу мөөнөтү бөлүгү туура эмес түзүлүшү мүмкүндүгүнө байланыштуу, 2016-жылдын апрелинен тартып жараксыз болуп калган, ал жерде, 01.01.2017-жылга колдонуу мөөнөтү аяктаган же Департамент тарабынан мамлекеттик имараттардын пайдаланылышына контролдоо камсыздалган эмес.

**26.** Имараттагы жай Департамент менен макулдашылбастан жеке жакка ижарага (ашканага) берилген.

**27.** Ижара акысы толугу менен жүргүзүлгөн эмес, аудиттин жүрүшүндө **15,0** миң сом өндүрүлгөн. Мында, **25,7** миң сом суммасындагы ижара акысы бюджетке чегерилиши керек, анткени, Департаментке билдирилбестен жана макулдашылбастан жай ижарага берилген.

***Негизги каражаттар боюнча:***

**28.** Бухгалтердик эсептин жүргүзүү тартибин бузуу менен, транспорт каражатынын *(Саламаттык сактоо министрлигине 2021-жылдын 3-сентябрында убактылуу пайдаланууга берилген, мамлекеттик №01KG911AI, 2014-жылы чыгарылган, наркы 2752,1 миң сом болгон «Тойота Ленд Крузер Прадо» маркасындагы автомашина)* факты жүзүндө болгондугун көрсөтүү менен, инвентаризация жүргүзүү боюнча инвентаризациялоо актысы түзүлгөн. Ал жерде негизги каражаттын жоктугу жөнүндө салыштыруу ведомосту түзүлбөстөн туруп, транспорт каражатынын факт жүзүндө болушу көрсөтүлгөн.

**29.** Аудит мезгили ичинде 5 транспорттук каражаттар кызматтык машина катары пайдаланылган жана бир гана автомашина багыты боюнча нөөмөттүк машина катары пайдаланылган. Социалдык фонддун жетекчисинен (төрагадан) сырткары, төраганын 3 орун басары кызматтык автомашиналарды пайдаланышкан.

**30.** Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү тартиби сакталбастан, негизги каржаттар алардын толук эскиргендиги жана негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жөнүндө актылардын негизи жок туруп, мекеме жетекчиси тарабынан **1 113,8** миң сом суммасында бекитилген чыгымдарга киргизилген. *Аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча калыбына келтирилген.*

***Дебитордук жана кредиттик карыз:***

**31.** Пенсияларды ашыкча төлөөнүн натыйжасында, жана башка кыска мөөнөттүү милдеттенмелер өскөн.

**32.** Бухгалтердик эсеп боюнча дебитордук карызды эсепке алуу, бухгалтердик эсепти жүргүзүү тартибин бузуу менен жүргүзүлөт *(3 768,6 миң сом суммасындагы дебитордук карыз бар, анын ичинен, 3 209,3 миң сом суммасындагы карыз, тиешелүү түрдө 3 209,0 миң сом жана 0,3 миң сом 2005 жана 2010-жылдары кампа боюнча аныкталган кем чыгууларга байланыштуу, материалдык жактан жоопкерчиликтүү адамдарга эсептелген).* Аудиттин жүрүшүндө, Социалдык фонд тарабынан бул маселе боюнча тиешелүү органга суроо-талап жөнөтүлгөн (23.05.2022-жылдагы 08-8/2100,08-4/2099).

**33.** Жеке жана юридикалык жактарын дарегине буудайды берүү боюнча туумду эсепке алуу менен 55 172,1 миң сом суммасындагы дебитордук карыз боюнча көрүлгөн чараларды изилдөө, карызды өндүрүү жана калыбына келтирүү боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлбөгөндүгүн көрсөткөн. Айрым соттук иштер боюнча иштер 2009-жылдан тартып токтотулган. Бул маселе боюнча иш, Социалдык фонддун ички аудит бөлүмү менен бирге регионалдык

башкармалыктар тарабынан, юридикалык башкармалыктын адистерин тартпастан жүргүзүлгөн. 2022-жылдын мартында бул маселе боюнча материалдар Социалдык фонддун юридикалык башкармалыгына берилген.

***Мамлекеттик сатып алуулар:***

**34.** Конкурс өткөрүлбөстөн туруп, **1 653,2** миң сом суммасындагы чыгымдар жүргүзүлгөн (“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы).

***Байланыш кызматы боюнча чыгымдар:***

**35.** Социалдык фонддун буйругу менен, Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын кызматкерлеринин абоненттик телефон номерин көрсөтпөстөн, интернет байланышы менен уюлдук байланыш чыгымдарына лимиттер белгиленген. Социалдык фонддун жетекчилигине интернет байланышы менен уюлдук байланыш чыгымдарына лимиттердин суммасынын ичинен жана айрым факты жүзүндө чыгымдар боюнча берилген маалыматтардан улам, мониторинг, талдоо жана эсептөөлөрдү жүргүзбөстөн туруп, лимиттер ашырылган, ошондой эле жогорулатылган лимиттер, лимиттерди чаржайыт колдонуу мүмкүнчүлүгүнө жол берилген. Ошондой эле, белгиленген лимитке башка кошумча кызмат көрсөтүүлөр киргизилген, анын ичинен, интернет байланышы боюнча инфо-кызыктыруучу кызматтар. *Социалдык фонддун 26.08.2021-жылдагы №316 буйругу менен, уюлдук байланыш боюнча чыгымдар 2021-жылдын 1-сентябрынан тартып токтотулган.*

**Социалдык фонддун маалымат тутуму:**

**36.** Райондук башкармалыктарда 2021-жылга мамлекеттик социалдык камсыздоо каражаттары, камсыздандыруу полистери жана КФХ камсыздоо төгүмдөрүн төлөгөндүгү жөнүндө квитанциялар боюнча салыштыруу актылары айырмачылыктар менен түзүлгөн, анткени, азыркыга чейин өткөрүлбөгөн жана кабыл алынбаган эсептик ведомстволор бар.

**37.** Пенсияларды, жөлөк пулдарды жана башка төлөмдөрдү төлөө боюнча иштер, “eLeed” программасы боюнча жүргүзүлөт, б.а. айрым функционалдар кол менен иштетилет.

**38.** Синхронизация бүтүндөй маалымат тутумунун токтоп калуусунун негизги себеби болуп эсептелет. Буга байланыштуу, туура маалыматтар, эсептөөлөр, кайрадан эсептөөлөр жана функциялар кол менен киргизилет.

**39.** Колдонуудагы маалыматтык тутум, дайыма жеткире иштеп чыгууну жана көп каражатты талап кылат. Буга байланыштуу, программалык камсыздоо Социалдык фонд үчүн башында натыйжасыз иштелип чыккан, деп эсептейбиз.

**40.** Социалдык фонддо төмөндөгүлөр боюнча түзүлгөн жыйынтыкталган отчет жок: камсыздандырылган адамдардын инвестициялык кирешелеринен алынган жана пенсиянын топтомо бөлүгү, анткени, Социалдык фонддун маалыматтык программалык тутуму мындай жыйынтыкталган отчетту түзбөйт, ал жерде пенсиялык топтоолор жана пенсиялык топтомо фондунун жайгаштырылган 29,1 млрд. сом каражаттары боюнча калдыктарды бөлүү менен, бардык камсыздандырылган адамдар боюнча алынган

инвестициялык кирешелер жана пенсиялык топтоолор боюнча жыйынтыкталган маалымат көрсөтүлүшү керек.

**41.** Бул отчеттуулук, пенсиялык топтомо каражаттардын эркин калдыктарынын болушунун же алардын терс көрсөткүчтөрүнүн айырмасынын пайда болушу жана алынган инвестициялык кирешелер менен пенсиялык топтомо каражаттардын абалы жөнүндө туура маалыматты бермек.

**42.** Социалдык фонддун ченемдик документтеринде тиешелүү ченемдердин жоктугуна байланыштуу, МПТФ мекемеси менен Социалдык фонддун жекече эсепке алуу башкармалыгынын ортосунда чегерилген пенсиялык топтолгон акча каражаттары жана инвестициялык киреше боюнча маалыматтары салыштыруу жүргүзүлбөйт.

**Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд (МТПФ)**

**43.** Бухгалтердик эсеп боюнча келишим боюнча депозиттик банктык аманатка пайыздарды эсептөө ай сайын жүргүзүлбөйт, ал эми эсеп факты жүзүндө келип түшкөн пайыздар (кирешелер) боюнча жүргүзүлөт.

**44.** Социалдык фонддун эки бөлүмүнүн (МТПФ жана Жекелештирип эсепке алуу башкармалыгы) ортосунда маалымат алмашууну автоматташтыруу интеграцияланган эмес.

Төлөм пенсиялык топтолгон каражаттарды алуучулардын реестри тиркемеси менен, Социалдык фонддун райондук башкармалыктары менен каржылоого боюнча берилген арыздарга жүргүзүлөт.

**45.** ***Социалдык фонддун Биринчи Май райондук башкармалыгы:***

- “Эмгек акы” беренеси боюнча жумуштан бошонгон кызматкерлердин 33,8 миң сом суммасындагы дебитордук карызы бар, ал 2018-жылы түзүлгөн. *Аудиттин жүрүшүндө 33,8 миң сом суммасындагы көрсөтүлгөн карыз мекемеге калыбына келтирилген.*

- товарларга төлөмдөрдү жүргүзүү, жеткирүү келишимдерин түзүү, сатып алуу ыкмаларын колдонуу бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдери бузулган. Конкурстук жол-жоболор өткөрүлбөстөн туруп, **261,5** миң сом суммасындагы ар кандай товарлар сатылып алынган;

- байланыш кызматынын чыгымдары боюнча лимитти белгилөө жөнүндө буйрук, айын, жылын, уюлдук телефондордун номерлерин көрсөтпөстөн чыгарылган, аларга акча каражаттары чегерилет.

**46.** ***Социалдык фонддун Октябрь райондук башкармалыгы:***

- **68,8** миң сом суммасындагы чыгымдар максатсыз багытта жүргүзүлгөн;

- товарларга төлөмдөрдү жүргүзүү, жеткирүү келишимдерин түзүү бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдери бузулган. Конкурстук жол-жоболор өткөрүлбөстөн туруп, **68,6** миң сом суммасындагы ар кандай товарлар жана материалдар сатылып алынган;

- байланыш кызматынын чыгымдары боюнча лимитти белгилөө жөнүндө буйрук, айын, жылын, уюлдук телефондордун номерлерин көрсөтпөстөн чыгарылган, аларга акча каражаттары чегерилет.

**47. *Социалдык фонддун Свердлов райондук башкармалыгы:***

**-** ишти айкалыштыргандыгы үчүн, эмгек акыга карата **15,6** миң сом суммасында кошуп төлөө жүргүзүлгөн. Ал, “Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондун түзүү жана пайдалануу жөнүндө” Жободо каралган эмес.

- үчүн бактылуу мезгил аралыгында иштебеген кызматкердин милдеттерин айкалыштыргандыгы үчүн, **5,3** миң сом суммасында кошуп төлөө негизсиз жүргүзүлгөн;

- сатып алуу ыкмаларын колдонуу бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдеринин бузулгандыгы аныкталган;

- байланыш кызматынын чыгымдары боюнча лимитти белгилөө жөнүндө буйрук, айын, жылын, уюлдук телефондордун номерлерин көрсөтпөстөн чыгарылган, аларга акча каражаттары чегерилет.

**48. *Социалдык фонддун Аламүдүн райондук башкармалыгы:***

Социалдык фонддун Башкармасынын 2017-жылдын 22-декабрындагы № 141 токтому менен бекитилген, “Пенсияларды, жөлөк пулдарды жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча компенсацияларды төлөө тартиби жөнүндө” Нускаманын 7-бөлүгүнүн 68-пунктун бузуу менен, Аламүдүн СФРБнын төлөө бөлүмү тарабынан пенсионер каза болгондон кийин, 13 ай ичинде банктык карточкага 76,4 миң сом суммасындагы пенсия чегерилген, анын ичинен 54,0 миң сом кайтарылган. Өндүрүлбөгөн сумманын калдыгы **22,4** миң сомду түзгөн, мында, көрсөтүлгөн сумма дебитордук карызга (пенсияны ашык төлөө боюнча) киргизилген эмес, *аудиттин жыйынтыгы боюнча эсеп боюнча калыбына келтирилген жана кайтарылган.*

**49. *Социалдык фонддун Жайыл райондук башкармалыгы боюнча:***

Жылуулук тутумун оңдогондон жана демонтаждагандан кийин, металлолом катары **5,6** миң сом суммасындагы 373 кг материалдар кампага кабыл алынган эмес *(эсеп боюнча калыбына келтирилген, сатылган жана башкармалыктын өздүк эсебине 5,6 миң сом чегерилген).*

**50. *Социалдык фонддун Жумгал райондук башкармалыгы боюнча:***

- КММны ашыкча чыгымдоо **5,6** миң сом суммасында 103 литрди түзгөн.

- Бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн туруп, келишимди түз түзүү ыкмасы менен **112,8** миң сом суммасындагы КММ сатылып алынган (“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы).

**51. *Социалдык фонддун Базар-Коргон райондук башкармалыгы боюнча:***

- Башкармалыктын кызматкерине квалификациясы үчүн **7,6** миң сом суммасындагы кошуп төлөө ашыкча эсептелген;

- 17 сатып алуунун өткөрүү боюнча комиссиянын курамында мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө сертификацияланган адис жок. Ошондой эле, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү боюнча жоопкерчилик, башкармалыктын бөлүмдөрүнүн бирине жүктөлгөн эмес.

**52. *Социалдык фонддун Ноокен райондук башкармалыгы боюнча:***

- Аудит мезгили ичинде **4,7** миң сом суммасындагы КММ боюнча чыгымдар негизсиз жүргүзүлгөн;

- 14 сатып алуунун өткөрүү боюнча комиссиянын курамында мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө сертификацияланган адис жок.

**53. *Социалдык фонддун Кара-Көл шаардык башкармалыгы боюнча:***

Башкармалыктын сатып алуулар планы иштелип чыккан эмес жана веб-порталга жайгашытырылган эмес.

**54.** Социалдык фонддун төмөндөгү райондук башкармалыктарында **18,6** миң сом суммасындагы негизсиз командировкалык чыгымдар жүргүзүлгөн (калыбына келтирилген): *Алай райондук башкармалыгы* **-** 5,6 миң сом, *Ноокат райондук башкармалыгы* **-** 7,4 миң сом, *Чаткал райондук башкармалыгы* **-** 2,8 миң сом, *Таш-Көмүр шаардык башкармалыгы* **-** 2,8 миң сом.

## 11-бөлүм.
## Сунуштар:

**1.** Аудиттин жыйынтыгы каралсын жана аудит жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн бузууларга жана кемчиликтерге жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын. Аларга андан ары жол бербөө жана четтетүү боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

**2.** 2020-жылга жүргүзүлгөн мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругу жана сунуштарын толугу менен аткаруу камсыздалсын (жазма буйруктун 2 жана 5-пункту, сунуштардын 5 жана 7-пункту).

**3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен бирге, республикалык бюджеттин эсебинен пенсияларды которуу жана жеткирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын чыгымдар беренесин ачуу жана республикалык бюджеттин каражаттарынын пайдаланылышы боюнча туура жана так отчет үчүн, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын чыгымдар беренеси менен көрсөтүлгөн республикалык бюджетте жана Социалдык фонддун ченемдик актыларында аларды көрсөтүү камсыздалсын.

**4.** Камсыздалсын:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин ченемдеринин сакталышы (6, 56, 106-беренелер);
- каражаттардын калдыктарына жол бербөө максатында, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарын каржылоону реалдуу пландоо;
- бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес тартууга жол бербөө;
- республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча салыштыруу актыларын түзүү жана эсептөөнү өз убагында жүргүзүү;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын 01.07.2016-жылдагы №4 токтому менен бекитилген, "Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу жөнүндө" Жобого жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, лебитордук жана кредиттик карыздардын абалы жөнүндө отчетту көрсөтүү менен, тиешелүү жылга Социалдык фонддун бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту түзүү;
- пенсиялык каражаттарды натыйжалуу башкаруу;
- жеке жана юридикалык жактарга буудай данын берүү боюнча

дебитордук карызды өндүрүү жана калыбына келтирүү боюнча ишти Социалдык фонддун юридикалык башкармалыгы жана регионалдык башкармалыктары тарабынан талаптагыдай контролдоо;

- дебитордук карызды өндүрүү жана азайтуу жана кредиттик карызды кыскартуу боюнча тиешелүү иштер;

- Социалдык фонддун бюджети бекитилгенге чейин тиешелүү жылга чыгымдар сметасынын (АУР жана ФР) аткарылышы жөнүндө отчетторду Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан кароо жана бекитүү;

- эмгек акы, сый акылар, үстөк акылар жыл сайынкы төлөнүүчү негизги жана кошумча өргүүлөр боюнча чыгымдарды жүргүзүүдө, мамлекеттик каражаттардын рационалдуу, үнөмдүү жана негиздүү пайдаланылышы;

- “Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын Мамлекеттик имараттар департаменти” мамлекеттик ишканасы менен, мамлекеттик имараттарды пайдалануу жана жайларды ижарага берүү жөнүндө келишимди туура келтирүү;

- кызматтык жана нөөмөттүк автомашиналарды пайдалануу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна ылайык, транспорт каражаттарын пайдалануу;

- товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана конкурстук жол-жоболорду өткөрүү, сатып алуу ыкмаларын туура колдонуу бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдеринин сакталышын жана аткарылышын талаптагыдай контролдоо

**5.** Төмөндөгүлөр боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн:

- ММКФ алдында дебитордук карыздын пайда болушуна жол бербөө жана бюджеттин өз убагында жана натыйжалуу аткаруу максатында, Социалдык фонддун бюджети жөнүндө мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өз учурунда кабыл алуу;

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык, Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасын түзүү жана аткаруу.

**6.** Төмөндөгүлөр ылайык келтирилсин:

- мамлекеттик камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо жана администрлөө боюнча функцияны жана ыйгарым укуктарды Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына берүүгө байланыштуу, Социалдык фонддун кызматкерлерин сыйлоо жөнүндө ченемдик актылар;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жыл сайын эмгек өргүүлөрүн берүү бөлүгүндө, Социалдык фонддун ченемдик-укуктук базасы.

**7.** Юридикалык жана жеке жактарга буудай данын бергендиги үчүн, Социалдык фонд тарабынан алынган күрөө мүлкүнүн болушуна жана абалына кыска мөөнөттүн ичинде инвентаризация жүргүзүлсүн жана Кыргыз

Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте карыздарды кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**8.** Бухгалтердик эсептин талаптарына ылайык, бир жылдан ашык карыздын пайда болушуна жол берилбесин.

**9.** Инвестициялык кирешелердин жыйынтыктарын жана пенсиялык топтолгон каражаттардын абалын баалоо жана МПТФнын жайгаштырылган каражаттарынын калдыктары менен алардын айырмасын (пенсиялык топтоо каражаттарынын калдыктарынын же терс көрсөткүчтөрдүн болушу) аныктоо максатында, Пенсиялык фонддун топтолгон каражаттарын жайгаштыруу боюнча калдыктарды (01.01.2022-жылга карата 29,1 млрд. сомду түзгөн) бардык камсыздандырылган адамдар боюнча бөлүнгөнүн көрсөтүү менен, Социалдык фонд маалымат тутумунда жылдык отчетту түзүү иштелип чыксын.

**10.** Инвестициялык кирешелердин жыйынтыктарын жана пенсиялык топтолгон каражаттардын абалын баалоо жана МПТФнын жайгаштырылган каражаттарынын калдыктары менен алардын айырмасын (пенсиялык топтоо каражаттарынын калдыктарынын же терс көрсөткүчтөрдүн болушу) аныктоо максатында, инвестициялык кирешелерди жана пенсиялык топтолгон бириктирилген суммаларды (топтоо бөлүгүн) көрсөтүү менен, бириктирилген отчетту түзүү камсыздалсын.

**11.** Социалдык фонддун ченемдик документтерине МПТФ мекемеси менен Социалдык фонддун жекече эсепке алуу башкармалыгынын ортосунда чегерилген пенсиялык топтолгон акча каражаттары жана инвестициялык киреше боюнча маалыматтары салыштыруу механизми иштелип чыксын.

**12.** республикалык бюдежттин каражаттарынын калдыктарына алынган, пайыз түрүндөгү **2775,3** миң сом суммасындагы кирешелер, пенсиялык жана компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн, Пенсяилык фондго жөнөтүлсүн.

**13.** Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн пайдаланылбаган **267,2** миң сом суммасындагы калдыктары алыш-бериш эсебинен (административдик чыгымдар) топтоо эсебине (пенсиялык каражаттар) чегерилсин.

**14. 25,7** миң сом суммасындагы ижара акысын республикалык бюджетке чегерүү камсыздалсын.

**15. Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду боюнча** Кыргыз Республикасынын Социалдык фонд бухгалтердик эсептин эсептөөлөр планы боюнча депозиттик банктык аманат келишими менен пайыздарды эсептөө бухгалтердик эсепте туура көрсөтүлсүн.

***Социалдык фонддун Биринчи Май райондук башкармалыгы боюнча:***

**16.** Конкурстук жол-жоболорду өткөрбөстөн сатып алууларга жол бербөө, мамлекеттик сатып алуулар планын түзүү, бааларга мониторинг жүргүзүү, сатып алуу ыкмаларын туура колдонуу, келишимдерди түзүү бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин аткаруу камсыздалсын.

**17.** Лимитти реалдуу колдонууну эске алуу менен, акча каражаттары чегериле турган уюлдук телефондордун номерлерин жана мезгилин (айын) карай турган байланыш кызматынын чыгымдарынын лимитин белгилөөчү Ченемдик документтерди (буйруктарды) туура чыгаруу жана кайрадан кароо

боюнча чаралар көрүлсүн. Ошондой эле, мамлекеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, байланыш кызматын корпоративдүү тейлөөгө өтүү маселеси каралсын.

***Социалдык фонддун Октябрь райондук башкармалыгы боюнча:***

**18.** Камсыздалсын:

- административдик-башкаруу чыгымдарын максаттуу багытта пайдалануу;
- конкурстук жол-жоболорду өткөрбөстөн сатып алууларга жол бербөө, мамлекеттик сатып алуулар планын түзүү, бааларга мониторинг жүргүзүү, сатып алуу ыкмаларын туура колдонуу бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин аткаруу.

**19.** Лимитти реалдуу колдонууну эске алуу менен, акча каражаттары чегериле турган уюлдук телефондордун номерлерин жана мезгилин (айын) карай турган байланыш кызматынын чыгымдарынын лимитин белгилөөчү Ченемдик документтерди (буйруктарды) туура чыгаруу жана кайрадан кароо боюнча чаралар көрүлсүн. Ошондой эле, мамлекеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, байланыш кызматын корпоративдүү тейлөөгө өтүү маселеси каралсын.

***Социалдык фонддун Свердлов райондук башкармалыгы боюнча:***

**20.** Төмөндөгүлөр боюнча чара көрүлсүн:

- Социалдык фонддун ченемдик актылар жана эмгек мыйзамы менен каралбаган иштерди аткаруу жана милдеттерди аткаруунун айкалыштыргандыгы үчүн кошуп төөлүүнү жүргүзүүгө жол бербөө;
- лимитти реалдуу колдонууну эске алуу менен, акча каражаттары чегериле турган уюлдук телефондордун номерлерин жана мезгилин (айын) карай турган байланыш кызматынын чыгымдарынын лимитин белгилөөчү Ченемдик документтерди (буйруктарды) туура чыгаруу жана кайрадан кароо, ошондой эле, мамлекеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, байланыш кызматын корпоративдүү тейлөөгө өтүү маселесин кароо.

**21.** Сатып алуу ыкмаларын туура колдонуу, мамлекеттик сатып алууну жүргүзүү боюнча жоопкерчиликти жүктөө бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин аткаруу.

***Социалдык фонддун Жумгал райондук башкармалыгы боюнча:***

**22.** **5,6** миң сом суммасында КММларды ашыкча чыгымдоого жол берген кызматкердин эсебинен каражаттар калыбына келтирилсин.

**23.** Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин бузууга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

***Социалдык фонддун Базар-Коргон райондук башкармалыгы боюнча:***

**24.** Төмөндөгүлөр боюнча чара көрүлсүн:

- квалификациясы үчүн мыйзамсыз эсептелген кошуп төлөөгө жол бербөө;

- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү боюнча жоопкерчиликти жүктөө бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин аткаруу.

***Социалдык фонддун Ноокен райондук башкармалыгы боюнча:***

**25.** **4,7** миң сом суммасында КММларды ашыкча чыгымдоого жол берген кызматкердин эсебинен каражаттар калыбына келтирилсин.

**26.** Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү боюнча жоопкерчиликти жүктөө бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин аткаруу камсыздалсын.

***Социалдык фонддун Кара-Көл шаардык башкармалыгы боюнча:***

**27.** Сатып алуулар планын түзүү бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин аткаруу камсыздалсын.

***Социалдык фонддун Аламүдүн райондук башкармалыгы боюнча:***

**28.** Ички контролдоонун натыйжалуу тутумун камсыздоо аркылуу, пенсионер каза болгондон кийин анын банктык карттык эсебине пенсиялык төлөмдөрдү чегерүүгө жол бербөө боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

**1.** Мамлекеттик каражаттарды (Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондунун каражаттары) натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу үчүн, камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептелишин жана төлөнүшүн контролдоо, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу боюнча функцияларды жана ыйгарым укуктарды ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп 2019-жылдын 1-январынан тартып Мамлекеттик салык кызматы аныкталганына байланыштуу, Пенсиялык фондго пенсиялык төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн салыктык эмес кирешелердин толук келип түшүү маселеси каралсын.

**2.** Төмөндөгүлөрдү контролдоо камсыздалсын:

- пенсиялык каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышын;

- бюджетти өз убагында жана натыйжалуу аткаруу максатында, тиешелүү жылга Социалдык фонддун бюджети жөнүндө мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өз убагында кабыл алышын жана ММКФ менен ЭДЧФ алдында дебитордук карыздын пайда болушуна жол бербөө.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:**

**1.** Социалдык фонд менен бирге төмөндөгүлөр боюнча чаралар көрүлсүн:

- Бюджеттик кодекстин ченемдеринин сакталышы (6, 56, 106-беренелер);

- каражаттардын калдыктарына жол бербөө максатында, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарын реалдуу пландоо;

- бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес тартылышына жол бербөө;

- республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча салыштыруу актысын түзүү жана эсептөөлөрдү өз убагында жүргүзүү.

**2.** Камсыздалсын:

- республикалык бюджеттин каражаттарын пайдалануу боюнча так жана ачык отчеттуулук үчүн, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык, республикалык бюджеттин эсебинен пенсиялык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү чыгымдарды, республикалык бюджеттин ченемдик актыларында көрсөтүү;

- республикалык бюджеттин каражаттарын пайдалануу боюнча так жана ачык отчеттуулук үчүн, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын чыгымдар беренелери менен көрсөтүлгөн, Социалдык фонддун бюджети жана республикалык бюджет жөнүндө ченемдик актыларга аларды көрсөтүү жана республикалык бюджеттин эсебинен пенсиялык төлөмдөрдү которуу жана жеткирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын чыгымдар беренелерин ачуу.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору М.К. Арзыбаевдин жетекчилиги менен, мамлекеттик инспекторлор А.Т. Турдуева жана Ж. Т. Орозобеков, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн инспекторлору тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **М.К. Арзыбаев**